**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ
# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТЫ

**Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн**

**Бишкек – 2022**

Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн "Кыргыз адабияты" предметтик стандарты. Бишкек, 2022.-64 б.

**Предметтик стандартты иштеп чыккандар:**

1. **Байгазиев С.О.,** филология илимдеринин доктору, профессор, КББАнын Тарбия, социалдаштыруу жана мектептен сырткаркы кошумча билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери
2. **Муратов А.Ж.,** педагогика илимдеринин доктору, И.Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын профессору
3. **Акматов К.К.,** педагогика илимдеринин доктору, профессор, "Маариф" мектебинин директору
4. **Абдухамидова Б.А.,** педагогика илимдеринин кандидаты, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин доценти
5. **Батыркулова А.Б.,** педагогика илимдеринин кандидаты, КББАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы
6. **Музаева Г.С.,** профессор А.Молдокулов атындагы УИТМЛдин кыргыз тили, адабияты мугалими

**Рецензенттер:**

1. **Эгембердиева А.А.** филология илимдеринин доктору, доцент, Ишеналы Арабаев атындагы КМУнун Кыргыз адабияты жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын башчысы
2. **Деркембаев Т.З.,** профессор А.Молдокулов атындагы УИТМЛдин кыргыз тили, адабияты мугалими

Кыргыз Республикасынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн кыргыз адабияты боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан.

Аталган стандарт окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн "Кыргыз адабияты" предмети боюнча окуу программаларын, окуу - методикалык комплекстерди (ОМК) иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

**М А З М У Н У**

**1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

1.1. Документтин статусу жана түзүмү ........................................................................4

1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн ченемдик
документтердин системасы ........................................................................................4

1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер ……………………………..….........5

**2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ**.........................................................9

2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери ..............................................................10

2.2. Предметти түзүүнүн методологиясы ......................................................................13

2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр ..........................................................................13

2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы ..........................14

2.5. Мазмундук линиялар. Окуу материалдарынын мазмундук линиялар
жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү ...................................................................17

2.6. Предметтер аралык байланыштар, өтмө тематикалык линиялар ..........................21

**3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА БААЛОО**

3.1. Окуучуларды окутууда күтүлүүчү жыйынтыктар
(баскычтар жана мазмундук линиялар боюнча) ....................................................22

3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары
жана ченемдери...........................................................................................................58

**4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

4.1. Окутуунун методикасына коюлган негизги талаптар.........................................61

4.2. Ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары...............................................63

4.3. Мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү.......................................63

**АДАБИЯТТАР....**.........................................................................................................64

## 1-бөлүм. Жалпы жоболор

### 1.1. Документтин статусу жана түзүмү

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн 5-11-класстары үчүн кыргыз адабияты боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыккан.

Бул стандарт филологиялык билим берүү чөйрөсүнүн максаттарына ылайык "Кыргыз адабияты" окуу предметинин каражаттары менен окуучуларды окутуунун, тарбиялоонун жана өнүктүрүүнүн жалпы стратегиясын, уруунттуу приоритеттүү багыттарын аныктайт, предметти өздөштүрүүгө талаптардын жыйындысын камтыйт жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилет.

Стандартта көрсөтүлгөн окуу материалдарын берүүнүн структурасы, таяныч принциптери, компетенттүүлүктөр, окутуудан алынган натыйжалар адабияттык билим берүүнүн бүткүл мазмунун, өзөгүн аныктоо менен, андан алынган натыйжаларды талдап жана баалоонун стратегияларын аныктайт.

Коомдогу социалдык деградациядан, ыймандык кризистен алып чыгууда, адамдын ички дүйнөсүн тазалоодо адабият сабагынын мааниси чоң. Кыргыз элинин «Манасты» жараткан көркөм тил байлыктары азыркы жаштар тарабынан бааланбай, активдүү колдонулбай жаткан шартта эне тилибиздин байлыгын, көркөм-эстетикалык тереңдигин да кийинки муунга жеткирип берүүдө адабият сабагынын ролу өлчөөсүз чоң. Коом мүчөлөрүнүн кеп маданиятын, сүйлөшүү этикасын жана эстетикасын үйрөтүүдө да адабият сабагы өз милдетин аткарат.

Улуттук билим берүү дүйнөлүк илим-билим тармактарына улам көбүрөөк тутумдашып жаткан азыркы учурда адабият сабагын башка предметтер менен интеграциялоо проблемалары да курч коюлуп жаткан кырдаалда бул стандартта ал маселе да ар тараптуу каралат.

“Кыргыз адабияты” предмети “Филологиялык” билим берүү чөйрөсүнө киргизилгендиги стандарттын өзгөчөлүгү катары белгиленет. Бул жаңылык предметти окуп-үйрөнүүдө көркөм чыгарманы эстетикалык анализдөө менен бирдикте адабий анализ (адабият таануу илимий деңгээлде) жүргүзүүгө негиз болот.

Бул стандарттын негизинде окуу программалары түзүлөт, окуу китептерин жазууда ушул стандарттын көлөмүндө окуу материалдарынын мазмуну иштелип чыгат.

Предметтик стандарт Кыргыз Республикасында билим берүү системасында окуу процессин камсыздоочу мазмунду, жаңы педагогикалык шарттарды регламенттеген окуу программалары менен окуу китептерин түзүүчүлөргө багыт болуп кызмат кылат.

### 1.2. Негизги ченемдик документтердин тутуму

Стандарт төмөнкүдөй ченемдик-укуктук актыларга негизделет:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021- жыл, 5-май);
2. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы, 2003.
3. Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жылдарга карата улуттук стратегиясы (Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы, 31.10.2018-ж., УП № 221);
4. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы (КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 токтому)
5. «Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому.

6. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин 5-11-класстары үчүн кыргыз адабияты боюнча предметтик стандарты. - Б., 2017.
7. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы. – Б., 2012.
8. Адабий билим берүүнүн концепциясы.-Б.,2021./https://edu/gov.kg/events/18/
9. Кыргыз Республикасынын Президентинин “Инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы жөнүндө” Жарлыгы Б., 2021-жыл.
10. Кыргыз Республикасынын Президентинин “Улуттук нарк жөнүндө” Жарлыгы Б., 2022-жыл 20-май № 157
11. 2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында “Кыргыз жараны” деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы (КР Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 Жарлыгы)
12. «Кыргыз Республикасынын «Манас» эпосу жөнүндө» (2011, 28-июнь №59) мыйзамы *(КР 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 94 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*
13. “Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын 2022-2023-окуу жылына базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндө”

## 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Адабий чыгарманы сөз искусствосунун көрүнүшү катары талдоо** – чыгарманы өздөштүрүүнүн эстетикалык нугу: формадан – мазмунга; турмуштук кырдаалды талдоо эмес, жазуучу тарабынан чагылдырылган турмуштук кырдаал кантип чагылдырылгандыгын, кантип баалангандыгын талдоо; бул фактылардын тышкы катмарын кайра баяндоо, ким, эмне, кайда жана ким менен эмне болгондугун тактоо эмес, автордун позициясын чечмелөө, түшүнүү болуп саналат. Адабий чыгарманы талдоо сөздүн жардамы менен жаралган образдын көп маанилүүлүгүн түшүнүүгө багытталган.

**Адабий чыгармаларды кабыл алуу** – бул автордун чыгармасы менен карым катышта болуу, автордун оюн чечмелөө, анын үстүндө ой жүгүртө билүү жөндөмү. “Көркөм кабыл алуу – бул чыгарманын мазмунун, маңызын жана анын көркөмдүгүн көркөм элестетүү (кайра жаратуу), өзү аркылуу өткөрүү жөндөмү” (С.Л. Рубинштейн). Көркөм образды баамдап түшүнүүнүн маанилүү жана зарыл элементи болуп эстетикалык кабыл алуу процессинде пайда болгон эмоциялар жана жазуучу жараткан көркөм образдарга өз мамилесин ойлору, сезимдери аркылуу көрсөтүү жөндөмү: аларды элестетүү, алар менен кошо кайгыруу же сүйүнүү, аларга маани берүү, баалоо. Көркөм чыгарманы кабыл алуу бир нече этап аркылуу өтөт – үстүртөн кабыл алуудан тартып чыгарманын маңызын, түпкү мазмунун кабыл алууга чейин.

**Адабий чыгарманы алгачкы кабыл алуу** – окуучу текстти өз алдынча окуп чыккандан кийинки пайда болгон ойлор, образдуу жана эмоционалдуу таасирленүүсү. Бул этаптагы иштер чыгарманы мындан ары анализдөө, маңызды түшүнүү, ойлонуу жана тереңдетүү үчүн багыт болот.

**Адабий чыгарманы экинчи ирет кабыл алуу** – чыгарманын үстүнөн иштөөнүн этабы, бул этапта окуучулар кайра окуп чыгышат, окуганы боюнча чыгармачыл тапшырмаларды аткарышат жана чыгарма боюнча жалпылашат.

**Адабий чыгарманы талдоо** – чыгарманы өздөштүрүүнүн эстетикалык жолу: формадан мазмунга; жашоо кырдаалын талдоо эмес, жазуучу тарабынан сүрөттөлгөн турмуштук кырдаал кандайча чагылдырылганын, кандайча бааланарын талдоо; бул автордун позициясын түшүнүү, көркөм идеяны өздөштүрүү, фактылардын сырткы катмарын кайра чыгаруу эмес, эмне, кайда, качан жана ким менен болгонун тактоо эмес. Адабий чыгарманы

талдоо сөздүн жардамы менен жаралган образдын көп маанилүүлүгүн түшүнүүгө багытталган.

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** – окуган чыгармаларынын жана жеке тажрыйбасынын негизинде ар түрдүү темадагы, жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүгү; адабий чыгармалар, жеке таасирленүүлөрү, ассоциациялар жөнүндө оозеки жана жазуу түрүндө кепти жаратуусу, стилдик боёктогу кепти колдонуусу. Таанып билүү жана коммуникациялык милдеттерди ишке ашыруу үчүн энциклопедиялар, сөздүктөрдөн тартып ар кандай маалымат булактарын пайдалануу: интернет ресурстар ж.б.

**Адабият сабагындагы ойлоо ишмердүүлүгү** – окуучуларды ой жүгүртүү операцияларынын (салыштыруу, классификациялоо, тактоо, жалпылоо) жардамы менен адабий чыгарманы түшүнүүгө жана анын маанисин жаратууга багытталган мугалим атайын уюштурган жигердүүлүк.

**Божомолдоо** – текстти окуурдун алдында андагы окуяларды алдын-ала билип, аңдоо, баамдоо. Чыгарманын аталышы, таяныч сөздөр, тексттин алдында сунушталган сүрөт боюнча окурмандык тажрыйбага таянып тексттин маанилик, тематикалык жана эмоционалдык багытталышын аныктоо.

**Гендердик теңчилик** – аялдар менен эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны ишке ашыруунун бирдей мүмкүнчүлүктөрү, жынысына карабастан адамдарга жашоонун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүндө өз мүмкүнчүлүктөрүн эркин пайдаланууга мүмкүндүк берет.

**Гендердик стереотип** - бул аялдар менен эркектер ээ болгон, ээ болууга же аткарууга тийиш деп эсептелген мүнөздөмөлөр жана ролдор жөнүндө жалпыланган көз караш же алдын ала түшүнүү.

**Гендердик сезимталдык** - жыныс белгиси боюнча басмырлоонун негизинде жаткан социалдык-маданий факторлорду көңүлгө тутуу жана түшүнүү. Пландалып жаткан өзгөртүүлөр жана ыкмалар аял менен эркектин акыбалын эске алып, алардын акыбалын андан ары начарлатпаса жана гендердик теңсалмактуулукка жетүүгө өбөлгө болсо, анда алар гендердик жактан сезимтал болот.

**Глобалдык компетенттүүлүк** – бул төмөнкү глобалдык компетенттүүлүктөрдү камтыган көп өлчөмдүү жөндөм: глобалдык жана маданияттар аралык маселелерди изилдөө, ар кандай дүйнө таанымдарды жана көз караштарды түшүнүү жана баалоо, башкалар менен ийгиликтүү жана сый мамиледе болуу, жамааттык бакубаттуулук жана туруктуу өнүгүү үчүн аракеттерди көрүү жөндөмдүүлүгү.

**Дискриминация** – расасына, өңүнө, жынысына, тилине, динине, саясий же башка көз карашына, улуттук же социалдык тегине, мүлкүнө, туулгандыгына же башка жагдайга негизделген жана бардык укуктарды жана эркиндиктерди бардык жактар тарабынан, бирдей негизде таануу, колдонуу жана жүзөгө ашырууну жок кылуу же маанисин кемитүү максатын же натыйжасын көздөгөн айырмалоо, четтетүү, чектөө же артыкчылык берүү.

**Жашыл көндүмдөр** (Green skills) - бул жашоого, туруктуу жана ресурстарды натыйжалуу колдонгон коомду өнүктүрүүгө зарыл болгон билимдер, баалуулуктар жана багыттар, курчап турган дүйнөнү экологиялык жактан таза, энергоэффективдүү жана коопсуз кылуу үчүн колдонгон нерселер.

**Инклюзивдик билим берүү** - билим берүү муктаждыктарынын ар түрдүүлүгүн жана жеке мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен бардык окуучулар үчүн билим алууга бирдей мүмкүнчүлүктү камсыз кылуу.

**Инклюзия** – билим берүүгө киргизүү (кошуу) - айрым окуучулардын ар кандай керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн мектептеги маданиятты, саясатты жана практиканы трансформациялоо зарылдыгын таануу, ошондой эле бул мүмкүнчүлүккө тоскоолдук кылган тоскоолдуктарды жоюу милдети; инклюзивдүү мамиле социалдык жана физикалык чөйрөнү өзгөртүүнү камтыйт, ал бардыгы үчүн достук жана жеткиликтүү болууга тийиш.

**Интеграция** - бул окуучулардын дүйнөнү толук кабылдоосун калыптандырууга жана негизги компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган айрым предметтердин, билим берүү чөйрөлөрүнүн, жалпысынан билим берүү процессинин мазмунунун структуралык компоненттеринин ортосундагы байланыштарды түзүү жана өз ара аракеттенүүнү камсыз кылуу процесси.

**Интерпретациялоо** – түшүндүрүү, көркөм чыгарманын бүтүндөй маанисин, анын идеясын, концепциясын кабылдоо.

**Искусствонун чыгармаларын кабыл алуу** – өздөштүрүп жаткан чыгарманын мазмунуна окурмандын өз жашоосундагы тажрыйбасын, дүйнөнү өзүнүн ачык көрө алуусун, өзүнүн башынан өткөргөндөрүн, өз мезгилиндеги социалдык маанилүү окуяларды баалоосун кошумчалоо жөндөмдүүлүгү. Көркөм образды баамдап түшүнүүнүн маанилүү жана зарыл элементи болуп эстетикалык кабыл алуу процессинде пайда болгон эмоциялар жана жазуучу жараткан көркөм образдарга өз мамилесин ойлору, сезимдери аркылуу көрсөтүү жөндөмү: аларды элестетүү, алар менен кошо кайгыруу же сүйүнүү, аларга маани берүү, баалоо.

**Интерактив** – (*анг.* inter - өз ара, act - иш-аракет); кимдир бирөө менен иштешүү, аңгемелешүү, диалог жүргүзүү кырдаалы. Интерактивдүү усулдар окуучулардын мугалим менен эле эмес, өз ара да кыйла кеңири иштешүүсүнө, окуу процессинде окуучулардын демилгелүү болушуна ылайыкталат. Интерактивдүү сабактарда мугалим окуу максатына жетүү үчүн окуучулардын ишмердигин багыттап гана турат.

**Компетенттүүлүк** – окуучунун ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш-аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

**Мазмундук линия (тилкелер)** – ушул билим берүү стандартындагы окулуп жаткан предметтин негизин түзгөн түшүнүктөрдүн өзөгү. Мазмундук тилкелер – бул предметтин талданып белгиленген бөлүктөрү, окуучулар өздөрү окуп жаткан предмет жөнүндө өз ара байланышкан элементтердин структурасы катары, ушул структурада өз орду бар предмет катары түшүнүк ала турган бөлүктөрү.

**Окурмандык компетенттүүлүк** – адабий чыгарманы искусствонун түрү катары окууга, эмоционалдуу кабыл алууга жана түшүнүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, маалыматтуулугун, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде кабыл алуу; кепти толуктоо жана байытуу; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү. Окуучулардын түрдүү элдерге жана маданияттарга таандык адабий чыгармаларды салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу; «Автор-окурман» диалогуна чыга билүү жөндөмү.

**Окурманга багытталган ыкма** – максаттарды пландаштыруу окуучунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандырууга, кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, көркөм текстти талдоо жана интерпретациялоого, аны чыгармачылык менен иштеп чыгууга жана өз тексттерин жаратууга көңүл бурган ыкма.

**Окутуунун максаттары** - окуучулар когнитивдик (когнитивдик), аффективдик (эмоционалдык-баалуулук) жана жүрүм-турум чөйрөлөрүндө жетишкен, мугалим өлчөй турган жана баалай турган окуучунун негизги жана предметтик компетенттүүлүгүнүн Белгилүү деңгээли менен туюнтулган акыркы жана аралык окуу натыйжалары.

**Коопсуз билим берүү чөйрөсү** – окутуу шартын камсыз кылган чөйрө, анда окуп жаткандарга таасир эте турган зыяндуу же коркунучтуу факторлор болбойт же алардын таасири аныкталган ченемден ашпайт.

- Физикалык коопсуздук коопсуз имараттарды, курулмаларды, инфраструктураларды, кайтарууну, терроризмден корголгондукту билдирет.

- Экологиялык коопсуздук коопсуз тамактануу, гигиена менен санитария, эмеректердин, жабдуулардын сапаты, турак жайдын ичиндеги микроклимат, жарыктандыруу, жалпы билим берүүчү уюмдардын химиялык булгануу тобокелчилигин жок кылуу маселелерин жөнгө салууну өзүнө камтыйт.
- Психологиялык жана маалыматтык коопсуздукка зомбулуктун бардык түрүн минималдаштыруу, инсандын өнүгүүсүнө шарт түзгөн, толеранттуу чөйрөнү уюштуруу, ошондой эле маалыматтык тобокелчиликтерден коргоо кирет.
- **4 к компетенттүүлүктөр – сынчыл ой жүгүртүү, креативдүүлүк, баарлашуу жөндөмү (коммуникация), командада иштөө жөндөмү (кызматташуу)**

**Социалдаштыруу** – (*лат.* socialis – коомдук); адамдын баарлашуу жана ишмердүүлүк аркылуу коомдогу социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүп, өзүнө сиңирүүсү жана аны өзүнүн жүрүм-турумуна колдонуусу. Мисалы, адамдардын маданияттуу жүрүм-туруму – социалдашуунун натыйжасы. “Социалдашуу” термини саясий экономиядан өздөштүрүлгөн. Америкалык социолог Ф.Г.Гидденгс “Социалдаштыруу теориясы” (1987) деген китебинде социалдаштырууну азыркы маанисине жакындаштырып колдонгон, 19-кылымдын акырынан тартып адамды өнүктүрүүгө колдонула баштаган.

**Социалдык адаптация** – адамдын өзгөрүп жаткан социалдык чөйрөгө ыңгайлашуусу, жаңы топко көнүгүшүп кетүүсү.

**Социалдык коргоо** – адамдардын укуктары менен эркиндиктерин сактоого, жүзөгө ашырууга, татыктуу жашоо деңгээлин камсыздоого берилүүчү экономикалык, социалдык жана укуктук кепилдиктер.

**Скаффолдинг –** бул көйгөйдү чечүү үчүн, тапшырмаларды аткаруу үчүн же баланын жеке аракеттеринин, мүмкүнчүлүктөрүнүн чегинен тышкары максаттарга жетишүү үчүн балага ар кандай колдоо көрсөтүүнүн түрлөрүн камсыз кылган мамиле. Бул окуучулар арасында өз алдынчалуулукту акырындык менен түзүүгө жардам берген усул.

**Эмоционалдык баалуулук компетенттүүлүгү –** окуучунун адабиятта чагылдырылган адептик жана эстетикалык баалуулуктарды аныктоого жана түшүнүүгө, сезимдерин, мамилесин билдирүүгө, ой жүгүртүүгө, аларга карата өзүнүн мамилесин негиздөөгө жана базалык улуттук баалуулуктар менен байланыштырууга, гуманисттик позицияларды жактоого жөндөмдүүлүгү**.**

**Эмоционалдык мамилесин билдирүү** – окуучунун искусствонун чыгармасына сезимдерин билдирүүсү, өз ойлорун, кошо кайгыруу же кубануусун, эмоционалдуу-баалоочу ой жүгүртүүсүн, чыгармага, каарманга, сүрөттөлгөн окуяларга өз мамилесин билдирүүсү.

**Функционалдык сабаттуулук** - бул адамдын ишмердүүлүгүнүн, баарлашуусунун жана социалдык мамилелеринин ар кандай чөйрөлөрүндө жашоонун ар кандай маселелерин чечүү үчүн өмүр бою алган билимдерин колдонуу жөндөмү.

## 2-бөлүм. Предметтин концепциясы

Кыргыз адабиятынын окуу предмети катары мазмунунун негизин кыргыз адабиятынын алтын фондусу, башкача айтканда, байыркы доордогу жана орто кылымдардагы адабий мурастардын үлгүлөрү, улуттук фольклор, акындар поэзиясы, жазма адабиятыбыздын жана профессионал көркөм өнөрүбүздүн классикалык мүнөздөгү, окурмандарга кеңири таанылган чыгармалары түзөт. Булардын ичинен 10-11-класстарда профессионалдык адабиятка басым жасалып, ал системалуу курс иретинде тарыхый-адабий негизде үйрөнүлөт. Адабият ааламдын сырын, адамдын жан дүйнөсүнүн эстетикалык камылгасын, туюмун кабылдап, анын турмушунун ар кыл жактарын көркөм образдар аркылуу чагылдырат. Адабияттын адеп-ахлактык, эстетикалык, таалим-тарбиялык, дүйнө таануучулук жана билим берүүчүлүк мүмкүнчүлүгү өтө кенен.

Адабий чыгармаларды кабыл алуу, анализдөө, интерпретациялоо окурмандык ишмердүүлүктүн белгилүү ыкмаларына жана түрлөрүнө таянып, кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы чыгармаларды, образдарды, сюжеттерди салыштырууга негизделет.

Мектепте окутуу үчүн көркөм чыгармаларды тандоонун негизги критерийлери:

адеп-ахлактык чен-өлчөм: чыгарманын бийик моралдык-этикалык асыл нарктарга, гуманисттик идеяларга тарбиялоочу мүмкүнчүлүгү, тарбиялык-таанытуучулук потенциалы;

эстетикалык-көркөмдүк чен-өлчөм: чыгарманын көркөм формасынын кооздугу жана анын окурмандар арасындагы рейтингинин жогорулугу;

лингвистикалык чен-өлчөм: адабий тилдин нормасынын жалпы калк үчүн мүнөздүүлүгү;

психологиялык-педагогикалык чен-өлчөм: чыгарманын окуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, кабылдоо мүмкүнчүлүгүнө, таанып-билүүчүлүк кызыкчылыгына, муктаждыгына ылайык келиши;

жанрдык-тематикалык чен-өлчөм: чыгармалардын жанрдык жана тематикалык ар түрдүүлүгү.

Адабий чыгармаларды окутуп-үйрөтүү окуучунун окурмандык компетенттүүлүгүн, кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, көркөм текстти талдоо жана интерпретациялоого, аны чыгармачыл иштеп чыгууга жана өз тексттерин жаратууга б.а. окуучулардын функционалдык сабаттуулугун калыптандырууга мүмкүндүк берген ыкмаларга, мамилеге таянат. Ушуга байланыштуу негизги концептуалдык жоболор сабаттуу окурмандын компетенттүүлүк комплексин өнүктүрүүгө таасир этүүчү факторлорго негизделет:

- мектеп окуучуларынын жакынкы өсүү зонасын эске алуу менен окурмандык өнүгүүсүнүн жаш курак өзгөчөлүктөрү;

- кыргыз адабиятынын чыгармаларын түшүнө билүүнүн: кабыл алуунун жана өздөштүрүүнүн өзгөчөлүктөрү;

- кыргыз адабиятынын чыгармаларын дүйнөнүн көркөм модели жана адамдардын мамилесинин модели катары түшүнүү спецификасы;

- түрдүү авторлор менен элдердин адабияттарынын улуттук өзгөчөлүктөрүн, өз ара аракеттешүүсүн эске алуу менен көркөм текстти кабыл алуу жана түшүнүү деңгээлдери жөнүндө көрсөтүм.

Көркөм чыгармаларды окуу окуучулардын өнүгүү каражаты катары каралат. Окуучунун адабий өнүгүүсү окуучунун жаш курагын эске алат, башталгыч класстарда алган окурмандык даярдыгына таянат, анын жалпы өнүгүүсү менен, дүйнөлүк көз карашынын калыптануусу жана адеп-ахлактык баалардын эволюциясы менен түздөн-түз байланышта болот.

Адабиятты окутуу окуучунун жаш курагын эске алат, бирок окуучу өздөштүргөн деңгээл менен канааттанууга жол бербейт. Бул мааниде билим берүүнүн милдеттери жетишкен деңгээлден алдыга кетет, окутуу процесси окуучунун өздөштүргөн абалын улам өзгөртүү процессине айланат.

## 2.1. Окутуунун максаттары жана милдеттери

"Кыргыз адабияты" предмети филологиялык билим берүү чөйрөсүнүн бир бөлүгү болуп саналат. Окуучулардын эмоционалдык жана эстетикалык өнүгүүсүндө, окурмандык, функционалдык сабаттуулуктарын калыптандырууда көркөм адабияттын мыкты үлгүлөрүнүн мааниси чоң .

Адабият искусствонун бир түрү катары ички табияты менен өтөгөн функциясы жана окутуп тарбиялоодогу мектептин милдеттери адабият сабагынын максатын аныктайт.

Адабий билим берүүнүн жалпы максаты – мектеп окуучусун өз улутунун жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу. Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө.

**Адабиятты 5-9-класстарда окутуунун максаттары**:

- сабаттуу окурманды тарбиялоо жана мектеп окуучусунун адабий чыгармаларды окуу маданиятын өстүрүү;
- көркөм адабият жөнүндө сөз искусствосу катары түшүнүктөрүн калыптандыруу;
- натыйжалуу окурмандык чыгармачылыкка кызыктыруу, түрткү берүү.

Адабиятты окутуунун **милдеттери**:

- окуучуларды кыргыз жана дүйнөлүк көркөм адабияттын мыкты казыналары менен тааныштыруу;
- Алардын дүйнөнү кабылдоодогу эстетикалык табитин ойготуп, өнүктүрүп, атуулдук, адеп-ахлактык позициясын бекемдөө;
- Мектеп окуучусунун окурмандык өнүгүүсүн камсыздоо.

Окуучулардын көркөм нарктарды кабылдоосун жана сөз өнөрүн мыкты өздөштүрүүсүн камсыз кылуу; инсандын эмоционалдык маданиятын өнүктүрүп, анын дүйнөгө, жашоого, искусствого болгон мамиле-жообун, социалдык түшүнүгүн калыптандыруу; адамда көркөм чыгармачылык табитти, жөндөмдү өнүктүрүү, анын чыгармачылык ой чабытын, образдуу ой жүгүртүүсүн, эстетикалык туюм-сезим жана анын келечек жашоо турмушунда зарыл болгон жана башка түшүнүк, көз караштарын өстүрүү; окуучунун көркөм чыгарманы кабыл алуусундагы эмоционалдык баалуулук мамилелерин, интеллектуалдык кайрымдуулугун жана рефлексин тарбиялоо, анын бийик эстетикалык табитин жана керектөөсүн калыптандыруу; окуучунун адабий речин өстүрүп, эркин жана сабаттуу сүйлөй жана жаза алышын, көркөм лексикасынын жана ой жүгүртүүсүнүн бай болушун камсыз кылуу.

***Кыргыз адабиятын окутуунун максаттары төмөнкү учурда ишке ашат:***

*Окуучулар:*

- көркөм чыгармаларды көп окуса;
- окуганын түшүнсө жана башкаларга түшүндүрө алса;
- ар тараптуу, системалуу, багыттуу даярданышып, окуй турган китепти туура тандай билип, окурмандык кызыгуусу артса;
- көркөм чыгарманын идеялык маанисин терең өздөштүрүп, кабылдоонун жекелик мүнөзү, чыгарманын мазмуну менен формасынын өзгөчөлүктөрүн ар тараптан кенен кабылдап, ага жекече баа берип, берген баасын далилдей алса;
- адабият боюнча терең билимге жетишип, көркөм чыгармадан алган таасирлерди турмуштук кырдаалдарга жараша колдоно билүүгө ыңгайлашса;
- сөз байлыгы мол болуп, чыгарманын көркөм сөз каражаттарын өз сөзүндө пайдалана билсе;
- кебинин байланыштуулугу, кооздугу, тактыгы, таамайлыгы, жеткиликтүүлүгү, логикалуулугу, ырааттуулугу болсо ж.б.

**Адабиятты 5-11-класстарда окутуунун максаттары**:

– Кыргыз адабиятын окутуунун максаты – окуучулардын окурмандык маданиятын жана эстетикалык табитин өстүрүү, руханий-адептик сапаттарын өнүктүрүү, гуманисттик ойломун жана мекенчилдик, патриоттук касиеттерин,

жарандык аң-сезимдүүлүгүн, атуулдук мобилдүүлүгүн, этникалык иденттүүлүгүн жана достук интернационалдык маданиятын, моралдык-этикалык менталитетин калыптандыруу.

- адабий чыгармаларды алардын өз ара байланышында системалуу түрдө окутуу;
- адабий процесс жана анын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү, адабий-көркөм стилдердин көп түрдүүлүгү тууралуу жалпы түшүнүк берүү;
- негизги окурмандык компетенттүүлүктөрдү тереңдетүү жана жакшыртуу.

**Милдеттери:**

- окуучулардын дүйнөнүн жалпы картинасы, өткөн учурдун адабияты жана маданияты тууралуу түшүнүгүн калыптандырууга шарт түзүү;
- адабий чыгарманы көркөм бүтүндүк катары талдоо жана чечмелөө билгичтиктерин жакшыртууга түрткү берүү;
- окуучуларды чыгармаларды түшүнүп билүүгө жана аңдоого, ар түрдүү темалардагы, жанрлардагы чыгармачылык жазуу иштерин жаратууга кызыктыруу.
-

### 2.2. Предметти түзүүнүн методологиясы

Кыргыз адабиятын окутуу иштери педагогика илиминин жалпы, атайын жана жеке методологиясынын жоболоруна негизделет. Кыргыз адабиятын окутуу процессинде инсанга багытталган окутууга, окуучулардын окурмандык, функционалдык сабаттуулуктарын калыптандырууга, өнүктүрүүгө өзгөчө маани берилет.

Кыргыз адабиятын окутуунун жалпы мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт:

1. **Кыргыз адабиятын окутууну социалдаштыруу маселеси.** Кыргыз адабиятын окутууну социалдаштыруу чыныгы социалдык-турмуштук, коомдогу муктаждыктарга жараша аныкталат. Учурдагы кыргыз адабияты – окуучулардын сөз байлыгынын кенен болушуна, сүйлөө маданиятынын калыптанышына, ой жүгүртүүсүнүн өнүгүшүнө кызмат кылуусу шарт. Мектеп окуучусу кыргыз адабиятын өз дүйнө таануусунун, адеп-ахлак, таалим-тарбия алуунун негизги каражатыкатары кабыл алып, адабияттык билимди терең өздөштүрүп, өз турмушунда колдоно алуусуна жетиштирүү максаты коюлат.
2. **Кыргыз адабиятын окутууну ааламдаштыруу маселеси.** Бул кыргыз адабиятын окутууда иштелип чыккан коцепцияларды, технологияларды, критерийлерди ж.б. алардын соңку жетишкендиктерин пайдалануу. Кыргыз адабиятын эл аралык, улуттар аралык карым-катнаштын, көп маданияттуу билим берүүнүн каражаты катары колдонуу, окутуу ишинде артыкчылык берүү. Предметти окутуунун өзгөчөлүктөрүн жана көйгөйлөрдүн глобалдуулугун эске алганда көп маданияттуулук принцибин колдонуу актуалдашат. Бардык маданияттар өз мазмуну, өз бөтөнчөлүктөрү менен айырмаланат, ал эми маданияттын маанилүүлүгү айрым инсандар менен аныкталат. Кыргызстандагы коомчулук көп улуттуу табиятка ээ, көп маданияттуулук принциби билим берүүнүн мазмуну ар түрдүү этникалык маданияттардын белгилүү бир элементтерин чагылдырышы керек деп эсептейт. Этникалык маданияттар – өлкөнүн бардык адамдарынын жалпы байлыгы, Кыргызстандын жалпы улуттук маданияты – этникалык маданияттардын өз ара баюу жана өз ара сиңүү тарыхый процессинин жемиши.
3. **Кыргыз адабиятын окутууну гумандаштыруу маселеси.** Мында кыргыз адабиятын окутуу процессинде мугалимдердин, окуучулардын, ата-энелердин карым-катнашы, кызматташтык мамилелери, бири-бирин урматтоосу гумандуу педагогиканын шарты катары саналат. Мугалим адабий түшүнүктөрдүн жыйындысын берүүчү гана адис эмес, окуучулардын адабий билимди, билгичтикти, көндүмдөрдү калыптандыруучу катары саналат. Кыргыз адабияты сабагы мугалим менен окуучунун бири-бирин урматтоо сезимин калыптандырган, бир максатка багытталган ишмердүүлүктү жаратуу процесси болуп саналат.
4. **Кыргыз адабиятын окутуунун философиялаштыруу маселеси.** Кыргыз адабиятын окутуу процессинде көркөм чыгармалардын философиялык маани- маңызы

адабиятты окутуу процессинде окуучулар өз алдынча адам мүнөзүнүн маселелерин философиялык жактан өздөштүрүшү, аларга: жакшылык менен жамандык, акыйкат менен наадандык, өмүр менен өлүм, адам жана кудай, адеп-ахлак жана муундар тагдыры, жеке адам жана табийгат, адамдык нарк, ыйман, парз, сыймык, ар-намыс ж.б. түшүнүктөрдүн көркөм чыгармада чагылдырылышы. Чыгарманын философиялык маанисин, кыргыздардын улуттук ойлоо өзгөчөлүктөрүн талдоо, аларга баа берүү.Кыргыз адабиятын окутууга коммуникативдик мамиле жасалып, окутуунун обьектисинкөркөм текст түзүүсү, ал эми сабак процесси жандуу сүйлөшүү, талдоо, талкуулоо, баяндоо иштери аркылуу жүргүзүлүшү шарт.

5. **Көп маданияттуулук принциби** Кыргызстандын көп маданияттуу коомчулугунун шартында адабиятты окуп-үйрөнүүдөгү негизги принцип болуп саналат. Ал башка элдин маданиятын түшүнүүнү калыптандырууга, этникалык башка адамдарга мамиле боюнча толеранттуулукту тарбиялоого, башка адамдарды түшүнүү жана алар менен өз ара аракеттешүү жөндөмдүүлүгү, атуулдукту тарбиялоого жана Кыргызстанды көп адамдардын жалпы үйү катары сүйүү сезимине кызмат кылат. (“Кыргыз жараны”) Ата мекендик адабияттын дүйнөлүк адабияттын контекстинде барктуулугун түшүнүү маанилүү болуп саналат.
6. **Тексттерди түшүнүү жөнүндө илим (**герменевтика) кабыл алуунун, интерпретациялоонун, адабий кубулуштар менен образдарды түшүндүрүүнүн принциптеринин жыйындысы катары “адамдын ички тажрыйбасына” негизденет. Көркөм образдарды өзүнүн инсандык адептик, эстетикалык, интеллектуалдык тажрыйбасы менен салыштыруу аркылуу текстти түшүнүү, ошондой эле окуучу тиешелүү болгон элдин маданиятындагы тажрыйбаны эске алуу менен таяныч боло аларлык түшүнүү болуп калат.

**Баалуулуктардын теориясы** (аксиология**)** искусство чыгармаларын окуу жана маани берип түшүнүүнүн негизинде көркөм, адеп-ахлактык жана маданий баалуулуктарды калыптандырууну божомолдойт.

**Искусствону көркөм кабыл алуу психологиясы** көркөм чыгармага көз карашты адамдардагы эмоцияны ойготуу үчүн багытталган эстетикалык мазмунга көз караш катары көрсөтөт (Л.С. Выготский). Бул стандарттарды иштеп чыгуу үчүн негиз түзүүчү базалык категориялар болуп окуучулардын “**кабыл алуу**” жана “**өнүгүү**” категориялары саналат.

**Кабыл алуу** болуп бул учурда адабий чыгармалардагы эстетикалык маалыматты окуучулардын түшүнө билүү жана кайра түзүү деңгээли эсептелет.

**Өнүгүү** предмет боюнча окутуунун бүткүл аралыгында окуучулардын адабий чыгармаларды түшүнүүсүндөгү өзгөрүүлөрдүн ырааттуулугун чагылдырат. Өнүгүү мектеп окурманынын инсан болуп жетилүү этабын эске алат.

Окумуштуулар окуучулардын адабий өнүгүүсүнүн үч мезгилин бөлүп көрсөтүшөт. (Н.Д. Молдавская, В. Г. Маранцман, О.И. Никифорова)

**5-6-класстардын** окуучуларынын кадимки өнүгүүсүнө мүнөздүү болгон аркы-беркини көп байкабаган, аңдабаган реализм алардын аң-сезиминде чындык менен искусствонун кошулуп биригүүсүно алып келет. Бул куракта балдар эмоционалдуу активдүү, таасирленүүсү жана элестетүүсү күчтүү болгондуктан, алар чыгарманын идеясына, андагы окуялардын маанисине объективдүү мамиле кылышат. Бирок, автордук көз карашка кызыгуусу жана көркөм формага көңүл буруусу али өнүгө элек, ошондуктан окуганы, көргөнү боюнча алган таасирленүүсүн логикалык аргументтештирүү алар үчүн кыйынырак. Мектеп окуучусунун эстетикалык жана адеп-ахлактык эволюциясынын ушул мезгилдеги жолу – ички уйгу-туйгу сезимден баалоого карай, сюжеттен каармандардын образдарына карай жана автордун өз каарманына жасаган мамилесине карай болот.

**7-8-класстардын** окуучуларында өзүн адеп-ахлактык тараптан терендетүү мезгили башталат. Алардын көркөм чыгармага болгон мамилеси инсандык жана субъективдүү боло баштайт. Өспүрүмдүн көбүнчө өзүнө ыклас коюшу чыгарманын объективдүү маанисин көрө билүүгө тоскоол болот. Автордук идеяны анын жеке инсандык көйгөйлөрү тосуп калат. Бул куракта окуучулардын чыгармачылык элестетүүсүнүн ылдам өнүгүүсү алардын текстти өз билгендей кылып негизсиз түшүнүүсүнө алып келет. Адабий чыгарманын адеп-ахлактык

проблематикасын актуалдаштыруу, адабий жанрлар жана түрлөр жөнүндө түшүнүктөрүн систематизациялоо адабий билим берүүнүн негизги тапшырмасына айланат. Адабий чыгарманын окурмандык интерпретацияланышы анын илимий түшүндүрүлүшү менен, тексттин музыкада, сүрөт искусствосунда, театрда жана кинодо көркөм интерпретацияланышы менен салыштырылат.

**9-11-класстарда** окуучулардын "Мен жана дүйнө" маселесине – ушул курактын байланыштарды билүү мезгилиндеги, себеп менен келип чыгууларды аңдоо мезгилиндеги борбордук маселеге кызыгуусу байкалат. Мектеп окуучуларынын жашоону көрө билүү горизонту кеңейет: алар адеп-ахлактык эле эмес, социалдык, эстетикалык көйгөйлөр менен алектенишет, аларда дүйнөнүн бүтүндөй толук картинасын түшүнүү, анын тарыхый өнүгүүсүн түшүнүү муктаждыгы пайда болот. Искусство чыгармасынын көркөм формасына көңүл буруусу тереңдейт, тексттин, живопись картинасынын, музыкалык пьесанын өз ара ички байланыштарын издөө башталат. Ушул мезгилде мектеп окуучуларын баарынан көп реалдуу жашоону адабият менен салыштыруу, искусствонун түрлөрүн бири-бири менен салыштыруу, искусствонун тарыхый өнүгүү мезгилдерин көркөм индивидуалдык менен салыштыруу кызыктырат. Бул көз караштан алганда, адабиятты окутуунун негизин мектепте билим берүүнүн ушул акыркы этабында, текстти биринчи ирет "момун-реалисттик" (Г.А.Гуковский) кабыл алуу гана эмес, ой жүгүртүү процессин өнүктүрүүгө багытталган аналитикалык талдоо түзөт. Бул болсо чыгарманы биринчи ирет кабыл алуу менен аны жыйынтыктоочу эстетикалык аңдоонун ортосундагы байланыштырган звено болуп калат.

Стандарттын негизин М.М.Бахтиндин адабият жөнүндө көркөм бүтүндүк катары, дүйнөнүн көркөм модели катары караган концепциясы түздү. Өсүп келе жаткан жаш адамды текст аркылуу автор менен маектешүүгө үйрөтүү, бул маектин толук жарамдуу катышуучусу болууга үйрөтүү – адабияттын мектеп курсунун негизги билим берүүчүлүк милдети.

Маданияттуу окурмандын алдында эки милдет турат:

1) чыгарманы автор өзү түшүнгөндөй түшүнүү, дүйнө картинасын "автордун көзү" менен көрүүгө аракеттенүү;
2) окулган чыгарманы өзүнүн (автордукунан айырмаланган) турмуштук жана маданий контекстине кошуп алуу.

Окуудагы эң башкы нерсе – **бул автор – көркөм текст – окурман мамилеси.**

Чыгарманы түшүнүүнүн негизинде этабы менен, көркөм текстти окуу, комментарийлөө, анализдөө, интерпретация кылуу көндүмдөрүн калыптандыруу жатат; көркөм тексттеги маанини түшүнүүнүн алгоритмин үйрөнүү жана өзүнүн тексттин түзүү, окуганы боюнча өз баасын билдирүү; Ушуга байланыштуу компетенттүүлүктүн мазмунунда 4 аспектти бөлүп көрсөтөбүз:

- текстте ориентир алуу жана аны алгачкы кабыл алуусу;
- текстти анализдөө;
- интерпретациялоо;
- баалоо.

Анализ менен интерпретация тыгыз байланышта экенин жана философиялык жана идеологиялык мааниге ээ экенин практика көрсөтүп жатат. Анализ – бул чыгарманы майдалап бөлүштүрүү жана ошонун негизинде аны бирдиктүү бүтүн катары аныктоо, ал эми интерпретация чыгарманын маанисин туюм-сезим аркылуу кабылдоо болуп саналат.

## 2.3. Предметтик компетенттүүлүктөр

Компетенттүүлүк – бул адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын ишмердүүлүгүн өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат.

Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору.

**Окурмандык компетенттүүлүк**– адабий чыгарманы эстетикалык өздөштүрүүгө жөндөмдүүлүк, искусствонун башка түрлөрүнүн катарында адабияттын өзгөчөлүгү жөнүндө түшүнүгүн калыптандыруу, образдуу сөздүн көркөм көп маанилүүлүгүн, ассоциативдүүлүгүн, көрүү жана угуу дааналыгын ачуу аркылуу образдык сөздү түшүнүү жана инсандык деңгээлде өздөштүрүү; теориялык-адабий түшүнүктөр жөнүндө үйрөнүүчү предмет катары эмес, көркөм чыгарманы түшүнө билүүгө жардамдашкан курал, каражат катары түшүнүктү өнүктүрүү. Окуучулардын ар башка элдерге жана маданияттарга тиешелүү адабий чыгармаларды салыштыруу, талдоо көндүмдөрүнө ээ болуусу.

**Эмоционалдык баалуулук компетенттүүлүгү** – окуучунун адабиятта чагылдырылган адептик жана эстетикалык баалуулуктарды аныктоого жана түшүнүүгө, сезимдерин, мамилесин билдирүүгө, ой жүгүртүүгө, аларга карата өзүнүн мамилесин негиздөөгө жана базалык улуттук баалуулуктар менен байланыштырууга, гуманисттик позицияларды жактоого жөндөмдүүлүгү.

**Адабий-чыгармачылык компетенттүүлүк** – ар түрдүү типтеги дил баяндарды жана түрдүү жанрдагы жана формадагы адабий чыгармачыл иштерди жазууга жөндөмдүүлүк; монологдук жана диалогдук кепке ээ болуу жана кептик баарлашууга кирише билүү; уккан жана окуган көркөм чыгармадагы маалыматты чагылдырган жазуу иштерин жаратуу; энциклопедияларды, сөздүктөрдү, интернет-ресурстарды ж.б.ларды кошуп ар кайсы маалымат булактардагы таанып билүүчүлүк жана коммуникативдик тапшырмаларды чечүү; кепти толуктоо жана байытуу, кеп маданиятын өздөштүрүү жана стилдик боёктогу кепке ээ болуу.

Предметтик компетенттүүлүктүн өзөктүү багыты – кыргыз жарандарын элдик философияны, этнопедагогиканы, элдик тилди ар тараптуу чагылдырган “Манас” эпосундагы идеялар менен тааныштыруу, чыгарманын бай мазмунун, андагы мекенчилдик ойлорду азыркы жаштарды жеткирүү, “Манас” эл турмушунун энциклопедиясы экендигин ушул предмет аркылуу далилдеп көрсөтүү.

Предметтик компетенттүүлүктөр предмет боюнча билим берүүнүн натыйжаларынын тизмегинде көрсөтүлгөн жана динамикада берилген.

Окутуунун убактысы өткөн сайын:

- компетенттүүлүктүн окуучу өздөштүргөн элементтеринин саны жана сапаты артат;
- компетенттүүлүктүн элементтери өзгөрөт жана кеңейт;
- компетенттүүлүктөр мазмундук тилкелердин (линиялар) чегинде кесилишип, өз ара жуурулушат, өз ара аракеттенишет, окуучулардын жеке тажрыйбасын байытат.
- компетенттүүлүктөр интеграцияланат, мазмундук линиялардын чектеринде кесилишет, комплекстүү инсандык жаңы пайда болууларды түзүү менен өз ара аракеттенишет, окуучулардын жеке тажрыйбасын байытат.

## 2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Билим берүүнун мазмунунун жалпы (бардык предметтер үчүн) жана предметтик (ар бир окуу предмети үчүн) болуп экиге бөлүнүшүнө ылайык эки деңгээлдеги компетенттүүлүктөр түзүлүп чыгат: 1) негизги компетенттүүлүк - билим берүүнүн жалпы мазмунуна тиешелүү; 2) предметтик компетенттүүлүк – компетенттүүлүктүн мурунку деңгээлине карата мамиле боюнча жеке компетенттүүлүк, окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө жана конкреттүү сүрөттөөгө ээ.

Предметтик компетенттүүлүктөр окуучулардын чыныгы муктаждыктарынан, зарылчылыктарынан аныкталат да, маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн- өзү таануу жана көйгөйлөрдү чече билүүгө байланышкан негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга шарт түзөт.

Негизги билим берүүчү компетенттүүлүк ар ирет окутуунун ар бир баскычында билим берүүчүлүк тармактын жана окуу предметтин деңгээлинде конкреттештирилет жана предметтик тармакта аныкталат.

Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы предметтик компетенттүүлүктөрдүн билим берүүчүлүк натыйжаларда ишке ашырылышын көрсөткөн мисалдар менен 1-схемада тааныштырылган.

**1-схема:** Негизги компетенттүүлүктөрдүн предметтик компетенттүүлүктөрдө көрсөтүлүшү.






Предметтик компетенттүүлүк бардык билим берүү баскычтары аркылуу өткөн негиз катары каралат жана предметти бүтүндөй көзөп өтөт. Ал «конкреттүү сүрөттөөгө жана конкреттүү окуу предметинин алкагында калыптандыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ» (А.В. Хуторской). Биз предметтик компетенттүүлүк дегенде окуучулардын адабият предметинин тарамында түрдүү билимдерди, билгиликтерди жана көндүмдөрдү колдонуу жөндөмдүүлүгүн жана кийинки билим алуусунда да практика жүзүндө ушул билимдерин колдонуп кете алуусун түшүнөбүз. Окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын аныктоодо предметтик компетенттүүлүк алдыңкы катардагы жетекчи компетенттүүлүк болуп эсептелет. Предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүктө ар дайым иш жүзүнө ашырылып турганда гана ийгиликтүү калыптандырылат. Педагог окуу тексттерине жана адабий тексттерине керектүү иш-аракеттери менен кайсы мазмунга максимум көңүл буруу керектигин баамдап түшүнгөндө гана окуучунун компетенттүүлүгү жогорку деңгээлде калыптанат.

## 2.5. Мазмундук тилкелер (линиялар). Окуу материалдарын мазмундук тилкелер (линиялар) жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Бул предметтик стандартта мазмундук тилкелер (линиялар) адабий чыгарманын ар түрдүү аспекттери жөнүндө түшүнүк берет, анын структуралык өзгөчөлүктөрүн ачышат. Мазмундук тилкелер (линиялар) адабияттын мектеп курсунун негизги компоненттерин аныктайт.

**- Мазмундук тилке (линия) 1. Автор (автордук, көркөм дүйнө)**

Чыгармалардын адеп-ахлактык жана социалдык темаларын ачып берет. Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармаларда автордун позициясын билдирүүнүн ар кандай жолдорун (юмор, ирония, "сүйлөгөн фамилиялар" ж.б.) карайт; мотивдерди өнүктүрүү, жазуучунун чыгармачылыгында. Көркөм чыгармада каарманды / каарманды, баяндоочуну жана авторду айырмалоо. Окуучулардын өз позициясын билдирүүгө өбөлгө түзөт.

**- Мазмундук тилке (линия) 2. Адабий каарман**

Көркөм чыгармадагы образдар системасын, фольклордогу жана адабий чыгармадагы каармандын өзгөчөлүктөрүн ачып берет. Автордун жана окуучу окурмандардын адабий баатырды кабылдоосун карайт, өз позициясын аргументтүү билдирүүгө, адеп-ахлактык баалуулуктарды жана мамилелерди түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

- **Мазмундук тилке (линия)** 3. **Көркөм форма**

Адабий чыгармалардын жанрдык ар түрдүүлүгүн чагылдырат. Айрыкча көркөм чыгарманын бүтүндүгүн түшүнүүнү камсыз кылат. Ар кандай жанрдагы (эпикалык, драмалык, лирикалык)чыгармалардагы сюжеттин жана анын элементтеринин өзгөчөлүктөрүн ачып берет

**- Мазмундук тилке (линия) 4. Көркөм кеп**

Көркөм сөздүн негизги белгилерин аныктайт. Эпикалык, лирикалык жана драмалык чыгармалардагы көркөм каражаттардын өзгөчөлүгүн жана алардын образдарды / образдар системасын түзүүдөгү ролун ачып берет. Жазуучунун стилинин көркөм өзгөчөлүгүн түшүндүрөт.

Мазмундук тилкелер (линиялар) предметтин биримдигин камсыздашат, бул болсо предметтин бардык бөлүктөрү жана темалары аркылуу өтүүчү мазмунунун, негизги түшүнүктөрүнүн өзүнчө түзүмү. 1-таблицада предметтин класстар боюнча негизги мазмунун ачып берген мазмундук тилкелердин (линиялардын) жана окуу материалдын варианты көрсөтүлгөн.

**1-таблица. Окуу материалынын мазмундук тилкелер (линиялар) жана класстарга бөлүнүшү**

**1-таблица**

| № | Мазмундук тилке /линия | Окуу материалынын бөлүнүшү | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **5- класс** | **6- класс** | **7- класс** | **8- класс** | **9- класс** | **10-класс** | **11-класс** |
| **1.** | **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)** | Чыгарманын дүйнөсү - чындык; Автордун позициясы жөнүндө алгачкы түшүнүктөр Түз жана кыйыр автордук баалоо | Автордун позициясы жөнүндө түшүнүктөрүн өстүрүү | Чыгармалардын адеп-ахлактык жана социалдык темалары; Сюжеттин логикасын, чыгарманын идеясын аныктоо. Ар кайсы чыгармалардагы автордун позициясын билдирүүнүн түрдүү ыкмалары (юмор, ирония, «сүйлөөчү фамилиялар» ж.б.) | Жазуучунун чыгармачылыгы нда темалардын, мотивдердин өнүгүшү Чыгарманын негизги проблемасы; Көркөм чыгарманын авторун, каарманын жана баяндоочусун айырмалоо | Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармаларда автордук позицияны билдирүү ыкмалары | Автор, чыгармада автордун баасын билдирүүнүн эң мүнөздүү жолдору. Жазуучунун чыгармачылыг ынын негизги темалары, көйгөйлөр, программалык чыгармалардын идеялык мазмуну. "Түбөлүк" темалар. Ар түрдүү элдердин адабиятынын өз ара байланышы | Адабиятта маанилүү жазуучуларды н аттары, алардын негизги чыгармалары. Жазуучунун чыгармачылыг ынын негизги белгилери жөнүндө жалпы түшүнүк (адабий агымга таандыктык, убакыт менен байланыш, негизги темалар, каармандар, чыгарманын мүнөздөмөсү) |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2.** | **Адабий каарман** | Фольклор – адабият. Адабияттагы шарттуулук. Адабий каарман | Адабий каарман<br><br>Мүнөздү ачып берүү ыкмалары | Адабий каармандын образы, мүнөз.<br><br>Адабий каармандын прототиби | Адабий каармандын образы. Ар башка адабияттарда образды ачып берүү ыкмалары (өзүн-өзү ачып берүү, өз ара ачып берүү, автордук баалоо) | Көркөм чыгармадагы образдар системасы | Чыгарманын башкы каармандары. Реалисттик жана романтикалык образдар. Лирикалык баатыр, драмалык каарман | Адабий каармандардын идеяларын өнүктүрүү. Адабиятта инсандын идеалы |
| **3.** | **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | Аңгемедеги, жомоктогу негизги окуялар, алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштары | эпикалык чыгармада негизги эпизоддор, алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштары Көркөм чыгарманын сюжети жана анын тарыхый негизи | Ар түрдүү жанрдагы жана ар түрдүү адабияттагы чыгармалардын айырмаланган өзгөчөлүгү | Негизги жана негизги эмес сюжеттик линиялар (сызыктар); Драмалык чыгармадагы сюжеттин элементтери (башталышы, өнүгүүсү, кульминация, аякталышы) | Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын (эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжети, сюжетинин элементтери | Адабияттын тектери жана жанрлары. Чыгармадагы негизги сюжеттик линия. Негизги эпизоддор. Композициянын элементтери (пейзаж, портрет, интерьер) | Чыгармалардын негизги сюжеттик линиялары, негизги эпизоддор. Адабий агымдардын жалпы мүнөздөмөсү. Поэзия жана проза |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **4.** | **Көркөм сөз** | Көркөм сөздүн негизги белгилери<br><br>Негизги троптор | Публицистикалык жана көркөм текст, көркөм тексттеги сөздөрдүн көп маанилүүлүгү | Көркөм чыгармалардын негизги көркөм сүрөт каражаттары | Эпикалык, лирикалык жана драмалык чыгармалардын көркөм каражаттарынын өзгөчөлүгү | Образ же образдар системасын түзүүдө көркөм ыкмалардын орду; жазуучунун стилинин көркөм өзгөчөлүгү | Чыгармада көркөм сөздүн көп маанилүүлүгү. . Каймана сөздөр жана сөз айкаштары. Этномаданий лексика. Көркөм кептин экспрессивдүүлүгүнүн каражаттары (эпитет, салыштыруу, метафора ж. б.) | Көркөм сөздүн жазуучуларды н, акындардын чыгармаларын да жана башка жанрларда (Кино, спектакль, спектакль, чакан макала ж.б.). элестүү жана эмоционалдуу берилиши |

## 2.6. Предмет аралык байланыштар, өтмө тематикалык линиялар

Предметтер аралык байланыштар «кыргыз адабияты» предметинин филологиялык билим берүү чөйрөсүнүн предметтери менен, ошондой эле "Искусство жана технология" билим берүү чөйрөсүнүн предметтери менен ("Музыка", "көркөм өнөр", "технология" предметтери менен) жана социалдык-гуманитардык чөйрөнүн предметтери менен ("Кыргызстандын тарыхы жана дүйнө тарыхы", "диндердин өнүгүү тарыхы", "Адам жана коом") тыгыз байланышта.

Адабият жана тил предметтеринин байланышы окуучулардын окуу жаатында функционалдык, окурмандык сабаттуулуктарын максаттуу түрдө калыптандырууга, сүйлөө компетенттүүлүгүн өркүндөтүүгө, көркөм чыгармаларды сабаттуу чечмелөөгө өбөлгө түзөт.

Предмет аралык байланыштар тарых, коом таануу менен да көрүнөт. Историзм адабий-илимий түшүнүк катары көркөм адабияттын маанилүү касиеттеринин бирин — анын жандуу сүрөттөрдө, конкреттүү адам тагдырында жана каармандарында тигил же бул тарыхый доордун көрүнүшүн берүү жөндөмүн билдирет.

Аталган предметтер менен кыргыз адабиятынын предметтер аралык байланыштары окуучуларды тарбиялоого жана окутууга комплекстүү мамилени камсыз кылууга багытталган жана 4 типте көрүнөт: мазмундук, операциялык, методикалык жана уюштуруучулук.

- **Мазмун түрү:** фактылар, түшүнүктөр, мыйзамдар, теориялар боюнча. Мазмун деңгээлиндеги интеграция окуучуларга айрым окуу предметтери боюнча билимди уюштурууга, толуктоого, бириктирүүгө мүмкүндүк берет, натыйжада окуучулар дүйнөнү комплекстүү кабыл алышат.
- **Операциялык түрү:** калыптануучу көндүмдөр, көндүмдөр жана ой жүгүртүү операциялары боюнча (талдоо жана синтездөө, салыштыруу, абстракциялоо, конкреттештирүү, жалпылоо, классификациялоо).
- **Методикалык түрү:** педагогикалык методдорду жана ыкмаларды колдонуу боюнча. Иштин түрү боюнча ар кандай тапшырмалар: оозеки, демонстрациялык, изилдөөчүлүк; жалпыланган окуу маалыматы бар комплекстүү визуалдык материалдар жана корутундуларды издөө, талдоо жана формулировкалоо боюнча аларга тапшырмалар; сабактар аралык мүнөздөгү практикалык жана долбоордук иштердеги чыгармачылык тапшырмалар; сабактар аралык мазмундагы байкоолордун, экскурсиялардын натыйжалары боюнча.
- **Уюштуруу түрү**: интерактивдүү түрдө (жекече, жуп, чакан жана жалпы топтордо), анын ичинде МКТны колдонуу менен окуу процессин уюштуруунун формалары жана ыкмалары боюнча.

Окуу предметтеринин ортосундагы өз ара байланыштын 4 түрүнөн улам, предметтердин биринде калыптанган билим жана көндүмдөр, окуучулар экинчисинде, ошондой эле турмуштук практикада аң-сезимдүү колдонушат. Предметтер аралык байланыштар кыргыз адабияттын “Искусство” билим берүүчүлүк тармагынын чектеш предметтери менен (“Музыка”, “Көркөм сүрөт”, предметтери менен) өз ара байланыштарын бөлүп көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк берет. “Искусство жана технология” билим берүү чөйрөсүнүн предметтерин окутуу дүйнөгө эстетикалык мамиле менен көркөм-чыгармачылык элестетүүнү өнүктүрүүнү, искусствонун конкреттүү түрлөрүнүн тилине жана көндүмдөрүнө ээ болууну камтыган бирдиктүү негиздерде ишке ашат.

2-таблицада адабиятты өтмө тематикалык линияларды бөлүп көрсөтүүнүн негизинде окутуу процессинде предмет аралык байланыштарды кантип ишке ашыруу мүмкүндүгү көрсөтүлгөн.

**"Кыргыз адабияты" предметинин предмет аралык байланыштары**

**2-таблица**

| Предметтер / билим берүү чөйрөлөрү | Байланыштар |
|---|---|
| **1. Филологиялык** | - тилге өзгөчө руханий тарыхый мурас катары баалуулук мамилеси;<br>- сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүү;<br>- оозеки жана жазуу жүзүндөгү билдирүүлөрдүн ар кандай жанрлары;<br>- көркөм сөз каражаттары |
| **2. «Искусство жана технология» билим берүү чөйрөсү** | - искусство чыгармаларын көркөм-маанилик кабылдоо;<br>- ата мекендик маданияттын эстетикалык жана көркөм баалуулуктары жөнүндө билимдер;<br>- дүйнөнү эстетикалык өнүктүрүүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү;<br>- чыгарманы эстетикалык баалоонун критерийлери;<br>- эстетикалык тажрыйба тажрыйбасын калыптандыруу;<br>- элдик чыгармачылыкты жана этномаданий салттарды эмоционалдык жактан түшүнүү тажрыйбасы |
| **3. Социалдык-гуманитар дык билим берүү чөйрөсү** | - тарыхый ата мекендик жана дүйнөлүк өткөн жана азыркы темалар;<br>- улуттук баатырлар / баатырлар жана тарыхтагы эң маанилүү окуялар жөнүндө түшүнүктөр;<br>- өтмө идеялар жана "түбөлүк" көйгөйлөр (тарых жана тынч күнүмдүк жашоо, согуш жана тынчтык, жашоо жана өлүм окуялары);<br>- универсалдуу категориялар жана баалуулуктар (жакшылык, башка маданияттарды урматтоо, сүйүү, адилеттүүлүк, толеранттуулук ж. б.);<br>- жалпы темалар (инсандык жана адеп-ахлак, милдет жана жоопкерчилик, үй-бүлө жана нике, кылмыштар жана кылмыштар, адам жана жаратылыш) |

# 3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА БААЛОО

## 3.1. Окуучуларды окутууда күтүлүүчү жыйынтыктар (баскычтар жана класстар боюнча)

Бул бөлүктө окуучунун негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрүнөн түзүлүүчү окутуунун күтүлүүчү натыйжалары көрсөтүлгөн. Күтүлүүчү натыйжалардын ар бирине ар бир окуучу жетишүүсү милдеттүү болуп саналат.

Күтүлүүчү натыйжалар номерленген. Ар бир сан маалыматтык жүктөмгө ээ. Мисалы, 5.1.1.1. күтүлүүчү натыйжа бул 5-класс үчүн (биринчи сан) экенин көрсөтөт. Экинчи сан бул натыйжа кайсы предметтик компетенттүүлүктү калыптандыра турганын билдирет Бул мисалда болсо ал – “окурмандык компетенттүүлүк”, үчүнчүсү – мазмундук линиянын номерин көрсөтөт. Акыркы сан күтүлүүчү натыйжанын катар номери. Бул мисалда 1 деген сан турат, демек, биринчи күтүлүүчү натыйжа.

Ар бир класстын күтүлүүчү натыйжалары мурунку натыйжаларга таяна турганын жана ошондой эле мурунку класстын натыйжаларын ушул класстагы окутууга кошо турганын эске алуу керек. Ошентип, педагог мурунку класстагы күтүлүүчү натыйжаларды эске гана албастан, мурунку күтүлүүчү натыйжаларды өнүктүрүүнү улантат.

**Окуу материалдарынын мазмундук тилке жана класстарга күтүлүүчү натыйжалар боюнча бөлүштүрүлүшү**

**3-таблица**

| № | Мазмундук линиялар | Окуу материалынын бөлүнүшү | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | **5- класс** | **6- класс** | **7- класс** | **8- класс** | **9- класс** |
| | | **1. Окурмандык компетенттүүлүк** | | | | |
| **1.** | **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө) Теманын, көйгөйдүн жана идеянын өз ара мамилеси** | Чыгарманын дүйнөсү - чындык; Автордун позициясы жөнүндө алгачкы түшүнүктөр Түз жана кыйыр автордук баалоо | Автордун позициясы жөнүндө түшүнүктөрүн өстүрүү | Чыгармалардын адеп-ахлактык жана социалдык темалары; Чыгарманын идеясы | Жазуучунун чыгармачылыгында темалардын, мотивдердин өсүшү; чыгарманын негизги проблемасы; көркөм чыгарманын автору, каарманы жана баяндоочусу | Жазуучунун ахлак-адептүү идеалынын өзгөчөлүгү Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармаларда автордук позицияны билдирүү ыкмалары |
| | | **5.1.1.1.**Чыгарманын темасын жана негизги оюн аныктайт, тексттен мисал менен **бекемдейт.** | **6.1.1.2**. Чыгарманын идеясын сюжеттин логикасынан **табат.** | **7.1.1.1.**Жазуучунун чыгармачылыгында гы мотив менен теманын өнүгүүсүнө көз алат; | **8.1.1.1.**Жазуучунун адеп-ахлактык идеалынын өзгөчөлүгүн көрө билет, тексттен аргументтерди **келтире алат.** | **9.1.1.1.**Түрдүү доорлордун акын-жазуучуларынын стилиндеги жана эстетикалык принциптериндеги жекечиликти жана жалпылыкты **аныктай алат.** |
| | | **5.1.1.2.**Автордун сезимдеринин динамикасын көрсөтүп, авторго мүнөздүү стилди берип көркөм **окуй алат;** | **6.1.1.2.** Жазуучулардын бири-бирине жакын темадагы жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн **көрө билет.** | **7.1.1.2.** Чыгарманын негизги көйгөйүн таба алат, өз тандоосун **аргументтейт.** | **8.1.1.2.**Түрдүү мезгилдин жана маданияттын жазуучуларынын жалпы көйгөйлөрдү чечүү өзгөчөлүктөрүн **көрө алат;** | **9.1.1.2.**Акын-жазуучулардын идеялык изденүүлөрүн салыштырат жана чыгармалардагы көйгөйлөрдү, аларды чечүүнүн жолдорундагы жана ыкмаларындагы жалпылыктар менен |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | айырмачылыктарды **салыштырат.** |
| | | | **6.1.1.3.** .Бир адабий түрдүн чегиндеги түрдүү жазуучулардын чыгармаларын салыштырат; | **7.1.1.3**.Көркөм чыгарманын каарманын, авторун, аңгемечисинин айырмалайт. | **8.1.1.3.**Жазуучуга мүнөздүү стилди көркөм окуу аркылуу бере алат; | |
| | | | 6.1.1.4..Жазуучунун биографиясынын учурларын комментарийлейт жана анын биографиясы менен чыгармачылыгынын байланышын табат | | | |
| | | | 6.1.1.5.. Чыгарма менен анын жаралуу мезгилинин ортосундагы байланышты табат | | | |
| **2** | **Адабий каарман** | Фольклор, адабият, шарттуулук.<br>Адабий каарман | Адабий каарман | Адабий каармандын образы, мүнөз | Адабий каармандын образы | Көркөм чыгармадагы образдар системасы Адабий тип жөнүндө түшүнүк |
| | | 5.1.2.3.Чыгарманын башкы каармандарын жана авторун атай алат; | 6.1.2.6..Каармандардын жоруктары менен окуялардын арасындагы жүйө байланыштарды түшүндүрөт; | 7.1.2.4.Каармандардын мүнөзүн ачып берүүдөгү лейтмотив, диалог, монологдун ролун аныктайт жана | 8.1.2.4.Көркөм образ, автор менен аңгемечинин образы, лирикалык каарман менен автордун образы сыяктуу түшүнүктөргө айырмалайт; | 9.1.2.3.Образ жаратуудагы негизги көркөм ыкмаларды аныктайт; |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | аларды тексттен таба алат; | | |
| | | 5.1.2.4.Каармандар дын мүнөзүн ачып берген түйүндүү эпизоддорду текстке жакын жана кыскача кылып айтып берет; | 6.1.2.7.Каармандын мүнөзүн ачып берүүдө портреттин, тилдин, пейзаждын ролун аныктай алат; | 7.1.2.5. Автордун каарманга болгон мамилесин ачып берүүдөгү ыкмаларды тексттен бөлүп көрсөтө алат. | 8.1.2.5.Образдар системасындагы каармандын ордун аныктайт; | 9.1.2.4.Көркөм образдарды түрлөрдүн спецификасын (эпос, драма, лирика) эске алуу менен жаратуу ыкмаларын салыштырат; |
| | | 5.1.2.5. Бир же бир нече чыгарманын каармандарын салыштыра алат | 6.1.2.8.Баяндоо түрүндөгү (пейзаж, портрет) же аңгеме түрүндөгү үзүндүлөрдү көркөм окуйт; | 7.1.2.6..Мүнөз, көркөм образ, лирикалык каарман деген түшүнүктөрдү түшүндүрө алат; | 8.1.2.6. .Түрдүү жанрлардагы чыгармаларда мүнөз жаратуунун көркөм каражаттарын тексттен бөлүп көрсөтөт. | 9.1.2.5.Каармандарды н кылык-жоруктарынын себептерин жана мотивдерин байкап, айрым эпизоддорду анализдейт; |
| | | 5.1.2.6.Окуяларды, каармандардын оң жана терс кыймыл-аракеттерин аныктайт. | | 7.1.2.7..Бир же бир нече тексттеги адабий каармандардын образдарын салыштырат. | | 9.1.2.6. Адабий образдар менен адабий типтердин окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктайт; |
| | | 5.1.2.7. Ырды жатка көркөм окуйт, жомоктордон, аңгемелерден үзүндүлөрдү көркөм окуйт, каарманга өз мамилесин билдирет | | 7.1.2.8. Каармандарга мүнөздөмө берет; | | 9.1.2.7.Көркөм образ жаратууда жазуучунун стилинин өзгөчөлүктөрүн аңдап билет жана бөлүп көрсөтөт; |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **3.** | **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | Аңгемедеги, жомоктогу негизги окуялар, алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштары | Орто формадагы эпикалык чыгармада (повесть) негизги эпизоддор<br>Көркөм чыгарма-нын сюжети жана анын тарыхый негизи | Чыгарманын аталышынын негизиндеги окуялар;<br>Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын айырмаланган өзгөчөлүгү | Негизги жана негизги эмес сюжеттик линиялар (сызыктар); Драмалык чыгармадагы сюжеттин элементтери (башталышы, өнүгүүсү, кульминация, аякталышы) | Сюжет жана фабула; Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын (эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжетинин элементтери |
| | | | 6.1.3.9. Орто формадагы эпикалык чыгармада (повестте) негизги эпизоддорду аныктайт; | 7.1.3.9.Чыгарманын аталышынын негизиндеи окуяларды божомолдойт; | 8.1.3.7.Негизги жана негизги эмес сюжеттик линияларды (сызыктар) тексттен бөлүп көрсөтөт; | 9.1.3.8.Сюжет жана фабула түшүнүктөрүн айырмалайт жана аларды чыгармада бөлүп көрсөтөт; |
| | | | 6.1.3.10.- көркөм чыгарманын сюжетин кыскача айтып берет; | 7.1.3.10.Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын айырмаланган өзгөчөлүгүн табат жана комментарийлейт; | 8.1.3.8..Драмалык чыгармадагы сюжеттин элементтерин (башталышы, өнүгүүсү, кульминация, аякталышы) табат жана өз пикирин аргументтер менен бекемдейт; | 9.1.3.9.Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын (эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжетинин элементтерин бөлүп көрсөтөт, салыштырат; |
| | | | 6.1.3.11.- көркөм чыгарманын сюжетин жана анын тарыхый негизин салыштырат; | 7.1.3.11.Кыска жана тандалган айтып берүүдө сюжеттин мазмунун берет; | 8.1.3.9.Сюжеттин логикасын көрө билет жана андан чыгарманын идеясын табат; | 9.1.3.10.Сюжеттин өзгөчөлүктөрүн баалайт; |
| | | | 6.1.3.12.- тексттен композициянын элементтерин (интерьер, автордук мүнөздөмө, диалог, | 7.1.3.12. Көркөм чыгарманын негизги көркөм сүрөт | 8.1.3.10.Композициянын элементтерин (көркөм деталдар, рамкага салуу) бөлүп көрсөтөт жана | 9.1.3.11.Чыгармадагы конфликтти анализдейт, конфликт окуя аркылуу ачыла турганын көрсөтөт; |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | монолог ...) бөлүп көрсөтөт жана алардын чыгармадагы ролун ачып берет; | каражаттарын бөлүп көрсөтөт; | алардын чыгармадагы ролун аныктайт; | |
| | | 5.1.3.8.Аңгемедеги, жомоктогу негизги окуяларды тексттен бөлүп көрсөтөт; | 6.1.3.13.- аңгеменин, повесттин, ырдын түзүлүш бөтөнчөлүктөрүн айырмалайт; | 7.1.3.13.Ырдын ритмикалык сүрөтүнүн схемасын түзөт; | 8.1.3.11.Драмалык чыгармалардын айырмачылыктарын түшүндүрөт; | 9.1.3.12. Образдын композициясын түзүү жолун тексттен бөлүп көрсөтөт; |
| | | 5.1.3.9.Алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштарын түшүндүрөт; | | | | 9.1.3.13.Түрдүү жанрлардагы чыгармалардын композицияларын анализдейт; |
| | | | | | | 9.1.3.14. Көркөм окуу сынактарына катышат (монологдор, баяндоолор, ырлар); |
| **4.** | **Көркөм сөз / көркөм ыкмалар** | Көркөм сөз. Айрым түшүнүктөр | Көркөм чыгармалардын негизги көркөм сүрөт каражаттары; | Көркөм сөз - айтылган сөзгө автордун мамилесин билдирүүчү каражат | Көркөм каражаттардын системасы | Көркөм каражаттар жана адабияттын өнүгүү тарыхы |
| | | | 6.1.4.14.Чыгарманын образдык жана эмоционалдык мазмунун эркин түшүнөт, окуган тексттин жалпы | | 8.1.4.12.Көркөм чыгармада интонациянын маанисин билет, тексттен мисал келтире алат; | 9.1.4.15.Образдар системасында же образ түзүүдө көркөм ыкмалардын ордун аныктайт; |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | маанайын түшүнүп сезе билет. | | | |
| | | | | | 8.1.4.13.Чыгарманын кептик түзүлүшүн аныктайт; | 9.1.4.16. Жазуучунун стилинин көркөм өзгөчөлүгүн аныктайт; |
| **2. Эмоционалдык баалуулук компетенттүүлүгү** | | | | | | |
| **1.** | **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө) Теманын, көйгөйдүн жана идеянын өз ара мамилеси** | 5.2.1.10. Автордук түз баалоолорду таба алат, каарманга жана кырдаалга автордун мамилесин түшүндүрө алат; | 6.2.1.15. Чыгарманын адеп-ахлактык, социалдык темаларын ачып көрсөтөт; | 7.2.1.14.Көркөм тексттеги каарманга жана окуяларга жазуучу бири-бирине карама-каршы келе турган бааларды бере турганын көрө алат; | 8.2.1.14..Доордун контекстинде акын-жазуучулардын көркөм идеялык изденүүлөрүн баалайт; | 9.2.1.17.Чыгарманын адептик, социалдык-тарыхый жана ахлак-адептүү-философиялык проблематикасын алып чыга алат; |
| | | 5.2.1.11.Автордун сүрөттөлүүчүгө болгон мамилесин, тилдин көркөм сүрөт каражаттарынан таап, ачып көрсөтөт. | 6.2.1.16. Бир чыгарманын чегиндеги жазуучунун позициясын кабыл алат; | 7.2.1.15.Түрдүү чыгармалардагы каармандарга карата автордун позициясынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын бөлүп ажыратат. | 8.2.1.15.Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармалардагы автордун позициясын билдирүүчү ыкмаларды айырмалайт. | 9.2.1.18.Чыгармага эстетикалык баа берет, аны аргументтейт. |
| | | | | 7.2.1.16.Жалпы жанрдын чегинде жазуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн айырмалайт; | 8.2.1.16..Эпикалык чыгарманы анын экранизациясы менен салыштырат жана автордук позициясын билдирүү аркылуу баалайт. | |
| | | | | | 8.2.1.17.Автордун чыгармадагы көздөгөн идеясынан көркөм ишке | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | ашууга караган ойлорунун кыймылын көрө алат; | |
| 2 | **Адабий каарман** | 5.2.2.12. Жомок каармандарынын (же реалдуу каармандардын) өзгөчөлүктөрүн аныктай алат; | 6.2.2.17.Чыгарманын каармандарына өзүнүн мамилесин аргументтейт, каармандардын жүрүм-турумунун мотивдерин түшүндүрөт; | | 8.2.2.18.Чыгарманын проблематикасынын жана автордук позициянын башкы каармандардын образдары менен өз ара байланышына көз салат; | |
| | | | 6.2.2.18.Каармандардын толгонууларын, иш-аракеттерин баалайт, салыштырат; | | | |
| 3. | **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | 5.2.3.13.Түйүндүү эпизоддорду анализдейт, каармандардын жүрүм-турумун баалайт; | | 7.2.3.17. Чыгармалардан диалогдорду жана монологдорду көркөм окуйт; | | |
| | | 5.2.3.14.Турмуш материалын көркөм сюжет менен салыштырат; | | | | |
| 4. | **Көркөм сөз / көркөм ыкмалар** | | | | | |
| | | **3. Адабий чыгармачылык компетенттүүлүк** | | | | |
| 1. | **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)** | 5.3.1.15.Жазуучунун жараткан картинасын оозеки түрүндө көз алдыга | 6.3.1.19. Берилген модель боюнча анча чоң эмес | 7.3.1.18. Тамсил, ыр, кат, күндөлүк сыяктуу жазуу | 8.3.1.19.Тамсил, ыр, кат, күндөлүк сыяктуу жазуу иштерин аткара алат. | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Теманын, көйгөйдүн жана идеянын өз ара мамилеси** | келтирип, айтып берет. | чыгармаларды жаратат; | иштерин аткара алат. | | |
| | | 5.3.1.16.Берилген модель боюнча анча чоң эмес чыгармаларды жаратат. | 6.3.1.20.Чыгарманын аягын бүтүрөт; | | 8.3.1.20.Чыгарманын аягын бүтүрө алат; | |
| | | | 6.3.1.21.Тамсил, ыр жаза алат. | | | |
| **2** | **Адабий каарман** | 5.3.2.17.Каарман жөнүндө баалоонун элементтерин камтыган аңгеме түзө алат; | 6.3.2.22. Каарман жөнүндө баалоонун элементтерин камтыган аңгеме түзө алат; | 7.3.2.19. Каарман жөнүндө ой жүгүртүүчү аңгеме (схема боюнча) түзөт; | 8.3.2.21.Көркөм образдарды интерпретациялайт, өз позициясын аргументтейт; | 9.3.2.19.Образдарды интерпретациялайт, өз позициясын коргоого аргументтерди келтирет; |
| | | | 6.3.2.23. Айрым эпизоддорду сахналаштырат; | 7.3.2.20. - каарман жөнүндө эркин эссе жазат; | 8.3.2.22.Сүйүктүү каарман жөнүндө аргументтештирилген эссе жаза алат; | 9.3.2.20.Образдарды, адабий типтерди салыштырып аргументтештирилген эссе жаза алат; |
| | | | | | | 9.3.2.21.Көркөм образдардын мисалында белгилүү бир көйгөйдү чечүүнү көрсөткөн презентация жасайт; |
| **3.** | **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | 5.3.3.18.Турмуштук таасирленүүлөр боюнча фольклор жанрындагы чоң эмес (жомок, табышмак) чыгармаларды жазат; | 6.3.3.24.- түйүндүү эпизоддорду сахналаштырат; | 7.3.3.21. Түрдүү жанрдагы чыгармалардын образ-символдорун, көркөм деталдарын, лейтмотивдерин | 8.3.3.23..Белгилүү тема боюнча монолог түзөт; | 9.3.3.22.Чыгармачылык иштерди жазганда белгилүү бир стилге келтирүү элементтерин кошуп, адабияттагы жанрдык формаларды колдонот. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | комментарийлейт жана интерпретациялайт; | | автордун образы боюнча ой жүгүртүү аңгемесин түзөт; |
| | | 5.3.3.19.Чыгармалардын негизинде сүрөт тарта алат. | | 7.3.3.22.Турмуштук таасирленүүлөрдүн негизинде аңгеме түзөт; | | 9.3.3.23.Лирикалык чегинүүлөрдүн ролун интерпретациялайт; |
| | | | | 7.3.3.23.Көркөм каражаттарды колдонуп өз көз карашын билдирген өз алдынча ангеме / эссе жазат. | | 9.3.3. 24.Түрдүү жанрдагы чыгармалар боюнча спектаклдерди жазат; |
| | | | | | | 9.3.3. 25.Спектаклге же экрандаштырууга режиссёрдук комментарий жазат; |
| 4. | **Көркөм сөз / көркөм ыкмалар** | 5.3.4.20. Каармандын көз карашы менен карап, абалын сезе алат, каармандын атынан кат, газетанын макаласы, окуя болгон жерден радиорепортаж түрүндө текстти өзгөртүп айтып бере алат. | 6.3.4.25. Окуган чыгармасы боюнча анонс, жарнама, досуна бул чыгарманы окууга сунуштаган кат жаза алат. | | 8.3.4.24. Каармандардын сөзүн текстен таап, анализдейт; | 9.3.4. 26.Түрдүү жанрдагы дил баян (эссе, эскерүү, ыр ж.б.) жазат. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 5.3.4.21.Чыгарма жана анын каармандары жөнүндө табышмак ойлоп түзө алат. | | | 8.3.4.25.Түрдүү жанрдагы дил баян (эссе, эскерүү, ыр ж.б.) жазат. | |

**Окуу материалдарынын мазмундук тилке жана класстарга күтүлүүчү натыйжалар боюнча бөлүштүрүлүшү**

**4-таблица**

**10-11-класстар**

| № | Мазмундук линиялар | Окуу материалынын бөлүнүшү | |
|---|---|---|---|
| | | **10- класс** | **11- класс** |
| | | **1. Окурмандык компетенттүүлүк** | |
| **1.** | **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)**<br>**Теманын, көйгөйдүн жана идеянын өз ара мамилеси** | **10.1.1.1.** Кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы чыгармаларды адабий багыттары боюнча салыштырат (тема, образдар, стиль) | **11. 1.1.1.** Авторго жана анын чыгармасына жалпы **мүнөздөмө берет** |
| | | **10.1.1.2.** Жазуучунун чыгармасы боюнча **талаш-тартышка катышат,** өзүнүн көз карашын жактоо үчүн аргументтерди келтирет | **11. 1.1.2.** Жеке окурмандык **чөйрөгө ээ** |
| | | **10.1.1.3.** Жеке жашоосундагы китеп окуунун **маанисин аныктайт** | **11.1.1.3.** Көркөм текстти ар кайсы доорлордун, маданияттардын жана искусствонун башка түрлөрүнүн чыгармалары менен **салыштыруу көндүмүнө ээ** |
| 2 | **Адабий каарман** | **10.1.1.4.** Адабий каармандын образын **талдайт** | **11.1.2.4.** Мүнөздөмөнү ачып берүү **каражаттарын билет** (жеке, салыштырмалуу, топтук) |
| | | **10.1.1.5.** Адабий образдын трактовкасын башка искусство чыгармаларында чагылдырылышы менен **салыштырат** (кино, живопись, графика, музыка, скульптура, театр) | |
| | | **10.1. 1.6.** Адабий каармандын образынын чыгармачылык презентациясын ар кандай формада **даярдайт.** | |
| **3.** | **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **10.1.3.7.** Негизги эпизоддорду, ырды, көрүнүштү жанрды эске алуу менен талдайт | **11.1.3.5.** Форма жана мазмундун биримдиги аркылуу жанрды эске алуу менен чыгарманы **талдайт** (аңгеме, ыр, эпизоддор, үзүндүлөр, көрүнүштөр) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 4. | **Көркөм сөз / көркөм ыкмалар** | **10.1.3.8.**Сөздүк корун адеп-ахлактык-философиялык, маданияттаануу боюнча лексика, адабий-теориялык түшүнүктөр менен **толуктайт** | **11.1.4.6.** Көркөм кептин өзгөчөлүгүн талдоо үчүн **жигердүү сөз коруна ээ** |
| **2. Эмоционалдык баалуулук компетенттүүлүгү** | | | |
| 1. | **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)**<br>**Теманын, көйгөйдүн жана идеянын өз ара мамилеси** | **10.2.1.9**. Адабий процесстеги автордун ордун жана ролун **түшүнөт.** | **11.2.1.7.** Адабияттын, окуунун коомдун, адамдын турмушундагы маанисин **түшүнөт** жана жеке позициясын жактай алат |
| 2 | **Адабий каарман** | **10.2.2.10**. Каарманга карата жеке мамилесин **аныктайт** жана **баа берет** | **11.2.2.8.** Адабий каармандардагы инсандык маңыз жана жаңы баалуулуктарды **таба алат** |
| 3. | **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | | |
| 4. | **Көркөм кеп** | **10.2.4.11.** Образдуу сөздөр жана сөз айкаштар менен сөз байлыгын **байытат** | **11.2.4.9.** Кебин образдуу сөздөр, сүйлөмдөр аркылуу **байытат** |
| **3. Адабий чыгармачылык компетенттүүлүк** | | | |
| 1. | **Автор (же автордук дүйнө, көркөм дүйнө)**<br>**Теманын, көйгөйдүн жана идеянын өз ара мамилеси** | **10.3.1.12.** Адабий темада долбоорду иштеп чыгуу жана түзүүгө **катышат** | **11.3.1.10.** Адабий темада билдирүү, пикир, реферат, обзор ж.б. жазуу **көндүмдөрүнө ээ** |
| | | **10.3.1.13.** Адабий темада дилбаян **жазат** (пикир, эссе, мүнөздөмө) | **11.3.1.11.** Адабий темада долбоор иштеп чыгууга жана жаратууга **катышат** (искусствонун башка түрлөрүн катыштыруу менен) |
| | | | **11.3.1.12.** Ар кандай жанрда дил баян **жазат** |
| 2 | **Адабий каарман** | | |
| 3. | **Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | **10.3.3.14.** Белгилүү бир жанрда жеке чыгармасын **жаратат** | |
| 4. | **Көркөм сөз / көркөм ыкмалар** | **10.3.4.15.** Ар түрдүү жанрдагы окулуп жаткан чыгармаларды (үзүндү, монолог, ар ж.б.) алардын жанрын жана тематикасын эске алуу менен **көркөм окуйт** | **11.3.4.13.** Тематика жана жанрын эске алуу менен адабий чыгарманы жатка **көркөм окуйт** |

**Мазмундук тилке, окутуунуи жыйынтыгы жана класстар боюнча сунушталуучу көрсөткүчтөр**

**5-таблица**

| **Компетенттүүлүк** | **Мазмундук тилке** | **5-класс** | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү жыйынтык** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1. Окурмандык** | **1. Автордук дүйнө** | 5.1.1.1.Чыгарманын темасын жана негизги оюн аныктайт, тексттен мисал менен бекемдейт. | Чыгарманын авторун билет, мазмунун окуйт,негизги темасын ,автордун оюн айтат |
| | | 5.1.1.2.Автордун сезимдеринин динамикасын көрсөтүп, авторго мүнөздүү стилди берип, көркөм окуй алат; | Эпизоддордон көркөм окуйт,автордун чыгарма жазуудагы стилин жана анын кайсы жанрдагы чыгарма экенин билет. |
| | **2. Адабий каарман** | 5.1.2.3.Чыгарманын башкы каармандарын жана авторун атай алат; | Класста,өз алдынча окуган чыгармаларынын башкы каармандарын атайт,талкуу жүргүзөт. Автордун түздөн-түз каарманга берген бааларын тексттен **табат**. |
| | | 5.1.2.4.Каармандардын мүнөзүн ачып берген түйүндүү эпизоддорду текстке жакын жана кыскача кылып айтып берет; | Ырлардан,жомоктордон,чыгармадагы негизги эпизоддордон каармандардын кебин туурап,окшоштуруп айтат,мугалимдин жетекчилиги мененинсценировкалайт |
| | | 5.1.2.5. Бир же бир нече чыгарманын каармандарын салыштыра алат | Каармандарды,тамсилдеги айбанаттарды жашоодогу каармандар менен салыштырат |
| | | 5.1.2.6.Окуяларды, каармандардын оң жана терс кыймыл-аракеттерин аныктайт. | Өзүнүн сүйүктүү каарманынын жана башкалардын мүнөздөрү ,иш-аракеттери сыпатталган үзүндүнү айтат,талкуу жүргүзөт. |
| | | 5.1.2.7. Ырды жатка көркөм окуйт, жомоктордон, аңгемелерден үзүндүлөрдү көркөм окуйт, каарманга өз мамилесин билдирет | Ырды мыкты билет жана жатка окуйт<br>Сөздөрдү жана сөз айкаштарды туура айтат<br>Ырды окуганда интонацияны, темпти жана ритмди өзгөртөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Лирикалык каармандын сезип кубануусун же кайгысын, сезимдерин жеткирет<br>Темага, автордук идеяга, образдарга өз мамилесин билдирет. Жаккан каарманы тууралуу сүрөт тартат, класстер,аппликация,пластилинден чыгармачыл иш жасайт |
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар** | 5.1.3.8.Аңгемедеги, жомоктогу негизги окуяларды тексттен бөлүп көрсөтөт; | Ырдан, аңгеме, жомоктун окуяларынан өзүнүн тандоосу боюнча көркөм окуйт,тандоо себебин түшүндүрөт |
| | | 5.1.3.9.Алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштарын түшүндүрөт; | Чыгармадагы келишпестиктерди (конфликт),алардын чыгыш себептерин айтат |
| | **4. Көркөм кеп** | | |
| **2. Эмоционалдык баалуулук** | **1. Автордук дүйнө** | 5.2.1.10. Автордук түз баалоолорду таба алат, каарманга жана кырдаалга автордун мамилесин түшүндүрө алат; | Жазуучу тууралуу айтат, автордун каарманды сүрөттөгөн үзүндүлөргө карата оюн,мамилесин классташтарына айтып,талкуу жүргүзөт. |
| | | 5.2.1.11.Автордун сүрөттөлүүчүгө болгон мамилесин, тилдин көркөм сүрөт каражаттарынан таап, ачып көрсөтөт. | Кептик үлгүлөргө таянуу менен автордун каарманга болгон мамилесин билдирет,өзүнүн мамилеси менен автордун мамилесин салыштырат |
| | **2. Адабий каарман** | 5.2.2.12. Жомок каармандарынын (же реалдуу каармандардын) өзгөчөлүктөрүн аныктай алат; | Каармандын кылык-жоруктарында көрсөткөн сапаттарын аныктоо үчүн адеп-ахлактык түшүнүктөрдү жана эмоционалдуу-баалоочу сөздөрдү **колдонот**. |
| | | 5.1.3.8.Аңгемедеги, жомоктогу негизги окуяларды тексттен бөлүп көрсөтөт; | Класста аңгеме,жомоктогу негизги окуяларды айтат,(окуяларды кыскача же эизоддорунан үзүндү )талдайт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | 5.1.3.9.Алардын арасындагы себептик-келип чыгуу байланыштарын түшүндүрөт; | Чыгармадагы келишпестиктерди (конфликт),алардын чыгыш себептерин айтат,көз-караштарын,ойлорун түшүндүрөт |
| | **4. Көркөм кеп** | | |
| **3.Адабий чыгармачылык** | **1. Автордук дүйнө** | 5.3.1.15.Жазуучунун жараткан картинасын оозеки түрүндө көз алдыга келтирип, айтып берет. | Класста автор жана анын чыгармасын классташтарына айтып,талкуулайт |
| | | 5.3.1.16.Берилген модель боюнча анча чоң эмес чыгармаларды жаратат. | Чыгарма боюнча чыгармачыл иш даярдайт(класстер,синквейн,кроссворд,эссе ж.б. |
| | **2. Адабий каарман** | 5.3.2.17.Каарман жөнүндө баалоонун элементтерин камтыган аңгеме түзө алат; | Сүйүктүү каарманын искусствонун башка түрлөрү(сүрөт,ыр,пластилин,аппликация)ме нен чагылдырат |
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | 5.3.3.18.Турмуштук таасирленүүлөр боюнча фольклор жанрындагы чоң эмес (жомок, табышмак) чыгармаларды жазат; | Окуган жомок,тамсилдеринин негизинде жакындаштырып өзү аңгеме,ыр жазат, класста окуп берет,талкуулайт |
| | | 5.3.3.19.Чыгармалардын негизинде сүрөт тартат. | Тексттен сүрөт тартуу үчүн ылайыктуу пейзаждык эпизоддор,каармандын иш-аракеттери боюнча үзүндү тандайт |
| | **4. Көркөм кеп** | 5.3.4.20. Каармандын көз карашы менен карап, абалын сезе алат, каармандын атынан кат, газетанын макаласы, окуя болгон жерден радиорепортаж түрүндө текстти өзгөртүп айтып бере алат. | Кептик үлгүлөргө таянуу,көркөм сөз каражаттарын колдонуу менен текстти |
| | | 5.3.4.21.Чыгарма жана анын каармандары жөнүндө табышмак ойлоп түзө алат. | Жомоктогу каармандардын кылык-жоруктарын,мүнөздөрүн көркөм сөз каражаттары менен сыпаттап айтат. |

**6-класс**

**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдуу тизмеси** Миф, байыркы жомок, баатырлар жөнүндө ыр менен айтылган жомок, легенда, баллада, эпос, жомокчулар, акындар. Метафора. Автордун позициясы, идея, композиция, речь персонаждын сөзү, мүнөздөмө. Юмор, сатира, аллегория (каймана сөз).

**6-таблица**

| Компетенттүүлүк | Мазмундук тилке | 6-класс | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү жыйынтык** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1. Окурмандык** | **1. Автордук дүйнө** | 6.1.1.2. Чыгарманын идеясын сюжеттин логикасынан табат; | Автордун башка чыгармаларын билет,чыгарманын сюжетин толук өздөштүрөт, темасын жана чыгармадагы негизги ойду формулировкалайт. |
| | | 6.1.1.2. Жазуучулардын бири-бирине жакын темадагы жалпылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн көрө билет, | Ар башка жазуучулардын бирдей темада жараткан чыгармаларынын окшоштук жактарын, айрымачылыктарын айтат,баа берет. |
| | | 6.1.1.3. .Бир адабий түрдүн чегиндеги түрдүү жазуучулардын чыгармаларын салыштырат; | Окуган чыгармалары боюнча жазуучулардан жазуу стилин,кайсы жанрда жаза тургандыгын билет,алардын өзгөчөлүктөрүн,айрымасын айтат. |
| | | 6.1.1.4..Жазуучунун биографиясынын учурларын комментарийлейт жана анын биографиясы менен чыгармачылыгынын байланышын табат | Жазуучу жашаган мезгил менен чыгармадагы чагылдырылган доордун байланышын, окшоштугун табат,автордун өмүрү,чыгармачылыгы жөнүндө презентация жасайт,класста айтып берет. |
| | | 6.1.1.5.. Чыгарма менен анын жаралуу мезгилинин ортосундагы байланышты табат | Чыгарманын автору жана анын чыгармасы, жаралыш тарыхы боюнча классташтары менен бирге же жекече презентация даярдайт,талдоо жүргүзөт. |
| | **2. Адабий каарман** | 6.1.2.6..Каармандардын жоруктары менен окуялардын арасындагы жүйө байланыштарды түшүндүрөт; | Каарманды же анын кылык-жоруктарын сүрөттөөдөгү автордун эмоцияларын жана сезимдерин тексттен бөлүп көрсөтөт. |
| | | 6.1.2.7.Каармандын мүнөзүн ачып берүүдө портреттин, тилдин, пейзаждын ролун аныктай алат; | Каармандардын образын сүрөт тартуу, презентация жасоо,ыр жазуу менен классташтарына демонстрациялайт |
| | | 6.1.2.8.Баяндоо түрүндөгү (пейзаж, портрет) же аңгеме түрүндөгү үзүндүлөрдү көркөм окуйт; | Чыгармадан каармандын портрети, пейзаждык сүрөттөөлөр баяндалган үзүндүлөрдү класста көркөм жатка айтат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | 6.1.3.9. Орто формадагы эпикалык чыгармада (повестте) негизги эпизоддорду аныктайт; | Негизги эпизоддорду кыскача баяндайт,мазмун боюнча суроо түзөт,суроолорго тикелей жооп берген үзүндү,цитата ж.б.келтирет |
| | | 6.1.3.10.Көркөм чыгарманын сюжетин кыскача айтып берет; | Чыгарманын мазмунун айтып берет,кайсы жанрда,кандай стилде жызылгандагын билет,ага окшош чыгарма менен салыштырат,окшош жактарын,айрымачылыктарын айтат |
| | | 6.1.3.11.Көркөм чыгарманын сюжетин жана анын тарыхый негизин салыштырат; | Чыгарманын сюжетин кыскача негиздүү жерлерин баяндап айтат, кайсы тарыхый окуя менен байланышын аныктайт |
| | | 6.1.3.12.тексттен композициянын элементтерин (интерьер, автордук мүнөздөмө, диалог, монолог ...) бөлүп көрсөтөт жана алардын чыгармадагы ролун ачып берет; | Тексттеги эң маанилүү үзүндүнү **айырмалап бөлөт** жана анын маанисин **түшүндүрөт**: автордук мүнөздөмө,диалог,монологдорду ажыратат,ар биринин чыгармадагы ролун түшүндүрөт |
| | | 6.1.3.13.- аңгеменин, повесттин, ырдын түзүлүш бөтөнчөлүктөрүн айырмалайт; | Мазмунун билет,айтат,ал кайсы жанрдагы чыгарма,анын түзүлүш бөтөнчөлүктөрүн бири-биринен айрымалап айтат,талдайт |
| | **4. Көркөм кеп** | 6.1.4.14.Чыгарманын образдык жана эмоционалдык мазмунун эркин түшүнөт, окуган тексттин жалпы маанайын түшүнүп сезе билет. | Чыгарма жөнүндө өз оюн **билдирет,** өз позициясын **аргументтейт**, тексттин жалпы маанайын түшүндүрүүдө адеп-ахлактык түшүнүктөрдү жана эмоционалдуу-баалоочу сөздөрдү **колдонот**. |
| **2. Эмоционалдык баалуулук** | **1. Автордук дүйнө** | 6.2.1.15. Чыгарманын адеп-ахлактык, социалдык темаларын ачып көрсөтөт; | Көркөм-сүрөттөөчү каражаттарды (эмоционалдык-баалоочу сөздөрдү, адеп-ахлактык түшүнүктөрдү) **колдонот**. |
| | | 6.2.1.16. Бир чыгарманын чегиндеги жазуучунун позициясын кабыл алат; | Жазуучу берейин деген негизги ойду эмоционалдуу баалоочу сөздөрдү колдонуу менен айтат. |
| | **2. Адабий каарман** | 6.2.2.17.Чыгарманын каармандарына өзүнүн мамилесин аргументтейт, каармандардын жүрүм-турумунун мотивдерин түшүндүрөт; | Каармандын кылык-жоруктарында көрсөткөн сапаттарын аныктоо үчүн адеп-ахлактык түшүнүктөрдү жана эмоционалдуу-баалоочу сөздөрдү **колдонот**. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 6.2.2.18.Каармандардын толгонууларын, иш-аракеттерин баалайт, салыштырат; | Каармандын башка каармандарга мамилесин **түшүндүрөт**. |
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | | |
| | **4. Көркөм сөз** | | |
| **3.Адабий чыгармачылык** | **1. Автордук дүйнө** | 6.3.1.19. Берилген модель боюнча анча чоң эмес чыгармаларды жаратат; | Автор боюнча группада же озү презентация даярдайт,втордун түздөн-түз каарманга берген бааларын тексттен **табат**. |
| | | 6.3.1.20.Чыгарманын мазмунун толук окуп чыгат | Чыгарманын аягын бүтүрөт,темасын,автордун негизги идеясын айтат,класста талкуулайт,классташтарынын ой-пикирлерин угат. |
| | | 6.3.1.21.Тамсил, ыр жаза алат. | Класста өзү жазган мини чыгармасы боюнча айтат,классташтарынын ойлорун билет |
| | **2. Адабий каарман** | 6.3.2.22. Каарман жөнүндө баалоонун элементтерин камтыган аңгеме түзө алат; | Тандаган каарманы жөнүндө эссе,дил баян,ыр,чыгармачыл иш даярдайт |
| | | 6.3.2.23. Айрым эпизоддорду сахналаштырат; | Мугалимдин жардамы менен роль тандайт,ойнойт |
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | 6.3.3.24.Түйүндүү эпизоддорду сахналаштырат; | Мугалим менен бирдикте өзүнө роль,костюм,декорация тандайт,мектеп сахнасында коёт.Классташтарынын аткарган ролу туурасында ой-пикирин айтат. |
| | **4. Көркөм кеп** | 6.3.4.25. Окуган чыгармасы боюнча анонс, жарнама, досуна бул чыгарманы окууга сунуштаган кат жаза алат. | Классташтарына,жакын адамдарына окуган чыгармасы тууралуу түшүндүрөт |

**7-класс.**
**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдуу тизмеси**
Символ, жанр, гипербола, көйгөй, образ. Конфликт, каармандын мүнөзү. Жазуучунун өмүр баяны. Котормочу акын-жазуучулар. Лирикалык каарман. Интерьер, антитеза.

**7-таблица**

| **Компетенттүүлүк** | **Мазмундук тилке** | **7-класс** | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү жыйынтык** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1. Окурмандык** | **1. Автордук дүйнө** | 7.1.1.1.Жазуучунун чыгармачылыгындагы мотив менен теманын өнүгүүсүнө көз алат; | Чыгарманын аталышынын же чыгармадан алынган үзүндүнүн негизинде кандай окуялар боло турганын **табат.** |
| | | 7.1.1.2. Чыгарманын негизги көйгөйүн таба алат, өз тандоосун аргументтейт; | Негизги окуяны класста сүйлөп берет,классташтары менен биргеликте талкуулайт. |
| | | 7.1.1.3.Көркөм чыгарманын каарманын, авторун, аңгемечисинен айырмалайт. | Автордун стилин,чыгармасынын стилин айтат,окуган башка чыгармалары менен салыштырат,окшоштуктарын,айрымачылык тарын түшүндүрөт |
| | **2. Адабий каарман** | 7.1.2.4.Каармандардын мүнөзүн ачып берүүдөгү лейтмотив, диалог, монологдун ролун аныктайт жана аларды тексттен таба алат; | Тексттен каармандардын диалогдорун,монологдорду табат,каармандардын мүнөздөрү ачылгын эпизоддорду,үзүндүлөрдү талкуулайт. |
| | | 7.1.2.5. Автордун каарманга болгон мамилесин ачып берүүдөгү ыкмаларды тексттен бөлүп көрсөтө алат. | Каармандын мүнөзүн сүрөттөгөн автордук баяндоолорду,цитаталарды тексттен **бөлүп көрсөтөт**. |
| | | 7.1.2.6..Мүнөз, көркөм образ, лирикалык каарман деген түшүнүктөрдү түшүндүрө алат; | Чыгармадагы көркөм образдарды,алардын мүнөздөрүн,ырлардагы лирикалык каармандар тууралуу айтып берет |
| | | 7.1.2.7..Бир же бир нече тексттеги адабий каармандардын образдарын салыштырат. | Класста жана өз алдынча окуган адабий чыгармаларындагы каармандар тууралуу |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | айтат,окшоштуктарын,айрымасын ажыратат,жашоодогу каармандар менен салыштырат |
| | | 7.1.2.8. Каармандарга мүнөздөмө берет; | Классташтары менен бирдикте каармандарды талкуулашат,алар жөнүндө чыгармачыл иштерди(сүрөт,эссе,ырж.б.)даярдайт,демонстрациялайт |
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар** | 7.1.3.9.Чыгарманын аталышынын негизиндеи окуяларды божомолдойт; | Тексттин аталышы боюнча чыгармадагы окуяны,окуянын болуп өткөн мезгилин болжолдоп айтат |
| | | 7.1.3.10.Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын айырмаланган өзгөчөлүгүн табат жана комментарийлейт; | Авторлор жана чыгармалар жөнүндө адабият дептерине **жазып жүрөт**, ал чыгармалардын окшоштуктарын,айрымачылыктарын талдап айтат |
| | | 7.1.3.11.Кыска жана тандалган айтып берүүдө сюжеттин мазмунун берет; | Тексттин мазмунун билет,ал тууралуу кыскача баяндап берет,суроолор түзөт, тексттен жооп табат |
| | | 7.1.3.12. Көркөм чыгарманын негизги көркөм сүрөт каражаттарын бөлүп көрсөтөт; | Кептик үлгүлөрдүн негизинде көркөм соз каражаттарын тексттен табат,кыргыз адабият дептерине аларды жазат. |
| | | 7.1.3.13.Ырдын ритмикалык сүрөтүнүн схемасын түзөт; | Ырдын мазмунун билет, көркөм айтат |
| | **4. Көркөм кеп** | | |
| **2. Эмоционалдык баалуулук** | **1. Автордук дүйнө** | 7.2.1.14.Көркөм тексттеги каарманга жана окуяларга жазуучу бири-бирине карама-каршы келе турган бааларды бере турганын көрө алат; | Каарманга болгон өз мамилесин баяндоодо көркөм чыгарманын каармандары менен тилектеш болуу жана кошо кайгыруу (кыжырдануу жана жактырбоо) сезимдерин **билдирет**. |
| | | 7.2.1.15.Түрдүү чыгармалардагы каармандарга карата автордун позициясынын окшоштуктарын жана айырмачылыктарын бөлүп ажыратат. | Окуган чыгармасындагы каармандарды башка чыгармалардагы каармандар менен |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | салыштырат,окшоштуктарын,айырмачылык тарын ажыратат. |
| | | 7.2.1.16.Жалпы жанрдын чегинде жазуучулардын жеке өзгөчөлүктөрүн айырмалайт; | Класста окуган чыгармасынын жанрын,стилин аныктайт,кептик үлглөрдүн негизинде  негизинде өзгөчөлүктөрүн талдап айтып берет. |
| | **2. Адабий каарман** | | |
| | **3. Көркөм  форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | 7.2.3.17. Чыгармалардан диалогдорду жана монологдорду көркөм окуйт; | Драмадагы диалогдорду,монологдорду ажыратып айтат,класста талдап айтып берет |
| | | | |
| | **4. Көркөм кеп** | | |
| **3.Адабий чыгармачылык** | **1. Автордук дүйнө** <br> **2.Адабий каарман** | 7.3.1.18. Тамсил, ыр, кат, күндөлүк сыяктуу жазуу иштерин аткара алат. | Автордун чыгармасын,тамсил,андагы айбанаттардын образдары,ырдын негизги өзгөчөлүгү туурасында класста айтат,ойлорун бөлүшөт,талкуулайт |
| | | 7.3.2.19. Каарман жөнүндө ой жүгүртүүчү аңгеме (схема боюнча) түзөт; | Сүйүктүү каарманы туурасында аңгеме жазат,классташтарына окуп берет,алардын ппикирин угат. |
| | | 7.3.2.20. - каарман жөнүндө эркин эссе жазат; | Сүйүктүү каарманы туурасында эссе жазат,классташтарына окуп берет,алардын ппикирин угат. |
| | **3. Көркөм  форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | 7.3.3.21. Түрдүү жанрдагы чыгармалардын образ-символдорун, көркөм деталдарын, лейтмотивдерин комментарийлейт жана интерпретациялайт; | Аңгеме,повесть, ырдагы образ – символдорду,кркм деталдарды **айырмалайт,комментарий берет** |
| | | 7.3.3.22.Турмуштук таасирленүүлөрдүн негизинде аңгеме түзөт; | Окуган чыгармасынан алган таасирлерин классташтарына айтып берип талкуулайт,алардын пикирин угат |
| | | 7.3.3.23.Көркөм каражаттарды колдонуп өз көз карашын билдирген өз алдынча ангеме / эссе жазат. | Көркөм сөз каражаттарын колдонуп, окуган чыгармасы боюнча эссе жазат,класста окуп берет,мектеп дубал гезитине жарыялайт |
| | **4. Көркөм кеп** | | |

**8- класс**

**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдуу тизмеси**

Историзм, романтика, улуттук маданият. Адабий чыгармадагы диалог, монолог. **8-таблица**

| **Компетенттүүлүк** | **Мазмундук тилке** | **8-класс** | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү жыйынтык** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1. Окурмандык** | **1. Автордук дүйнө** | 8.1.1.1.Жазуучунун адеп-ахлактык идеалынын өзгөчөлүгүн көрө билет, тексттен аргументтерди келтире алат; | Жазуучу,анын чыгармалары тууралуу билет,окуган чыгармасы боюнча суроолорду түзөт,андагы адеп-ахлактык өзгөчөлүктөрдү түшүнөт,аргументтештирип айтат. |
| | | 8.1.1.2.Түрдүү мезгилдин жана маданияттын жазуучуларынын жалпы көйгөйлөрдү чечүү өзгөчөлүктөрүн көрө алат; | Жазуучулардын, сүрөтчүлөрдүн ж.б.ошол мезгилдин коомдогу жалпы көйгөйлөрүн чечүү өзгөчолүктөрүнө талдоо жүргүзөт,өзү да ал көйгөйдү чечүүнүн жолдорун түшүндүрөт. |
| | | 8.1.1.3.Жазуучуга мүнөздүү стилди көркөм окуу аркылуу бере алат; | Кептик үлгүлөргө таянуу менен жазуучунун жазуу стилин,өзгөчөлүгүн айтат |
| | **2. Адабий каарман** | 8.1.2.4.Көркөм образ, автор менен аңгемечинин образы, лирикалык каарман менен автордун образы сыяктуу түшүнүктөргө айырмалайт; | Мүнөз, көркөм образ, лирикалык каарман деген түшүнүктөрдү түшүндүрөт, автордун каармандарга болгон мамилесин тексттен табат (автордун түз жана кыйыр баалоосу). |
| | | 8.1.2.5.Образдар системасындагы каармандын ордун аныктайт; | Каармандардын образдарын талдайт, сүйүктүү каарманын тандайт,чыгармадагы анын ордун айтат,эмне үчүн тандаганын түшүндүрөт. |
| | | 8.1.2.6. .Түрдүү жанрлардагы чыгармаларда мүнөз жаратуунун көркөм каражаттарын тексттен бөлүп көрсөтөт. | Текстке таянып,автордун каарманга болгон мамилесин чагылдырган эпизоддорду бөлүп көрсөтөт, каарман жөнүндө **жыйынтык чыгарат**, каармандын башка персонаждарга мамилесин **түшүндүрөт** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар** | 8.1.3.7.Негизги жана негизги эмес сюжеттик линияларды (сызыктар) тексттен бөлүп көрсөтөт; | Чыгарманын мазмунун толук өздөштүрөт,негизги деген сюжеттик окуяларды кыскача баяндайт. |
| | | 8.1.3.8..Драмалык чыгармадагы сюжеттин элементтерин (башталышы, өнүгүүсү, кульминация, аякталышы) табат жана өз пикирин аргументтер менен бекемдейт; | Драманын окуясын билет:окуянын башталышын,өнүгүшүн,кульминациясын,аякташын,андагы күчтүү конфликттерди ажыратат,негизги каармандарды талдайт,аргументтештирип айтат. |
| | | 8.1.3.9.Сюжеттин логикасын көрө билет жана андан чыгарманын идеясын табат; | Чыгарманын мазмунун билет,кыскача баяндап берет,суроолорго жооп берет,тексттен суроолорго жооп издейт,жыйынтыгында идеясын билет. |
| | | 8.1.3.10.Композициянын элементтерин (көркөм деталдар, рамкага салуу) бөлүп көрсөтөт жана алардын чыгармадагы ролун аныктайт; | Тексттен композициянын элементтерин (пейзаж, портрет, интерьер, автордук мүнөздөмөлөр, диалогдор, монологдор) бөлүп көрсөтөт жана алардын чыгармадагы ролун ачып түшүндүрөт. |
| | | 8.1.3.11.Драмалык чыгармалардын айырмачылыктарын түшүндүрөт; | Драма,комедия,трагедиялык чыгармаларды бири-биринен ажыратып түшүндүрөт,өзгөчөлүктөрүн,айрымасын , окшоштуктарын билет. |
| | **4. Көркөм кеп** | 8.1.4.12.Көркөм чыгармада интонациянын маанисин билет, тексттен мисал келтире алат; | Көркөм чыгарманы автордук маанайда көркөм айтып берет,чыгарманын көркөмдүүлүгүн арттырууда интонациянын мааниси чоң экендигин түшүнөт. |
| | | 8.1.4.13.Чыгарманын кептик түзүлүшүн аныктайт; | |
| **2. Эмоционалдык баалуулук** | **1. Автордук дүйнө** | 8.2.1.14..Доордун контекстинде акын-жазуучулардын көркөм идеялык изденүүлөрүн баалайт; | Акын-жазуучулардын чыгармачыл көркөм идеялык изденүүлөрүн түшүнөт,баалай билет,коомдогу ролун түшүнөт,адабияттын башка илимдерден тарбиялык маанисин, анын турмуштун окуу китеби экендигин түшүнөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 8.2.1.15.Эпикалык, драмалык жана лирикалык чыгармалардагы автордун позициясын билдирүүчү ыкмаларды айырмалайт. | Авторлордун түрдүү жанрдагы чыгармаларды (аңгеменин, повесттин, ырдын, драманын) жазуудагы стилин,ыкмаларын,алардын бири-биринен айрымасын билет |
| | | 8.2.1.16..Эпикалык чыгарманы анын экранизациясы менен салыштырат жана автордук позициясын билдирүү аркылуу баалайт. | Чыгарманы ал боюнча тартылган фильмдер менен салыштырат,айрымасын аныктайт,тартылган фильм (фильмден эпизод) жөнүндө ой-пикирин **айтат**. |
| | | 8.2.1.17.Автордун чыгармадагы көздөгөн идеясынан көркөм ишке ашууга караган ойлорунун кыймылын көрө алат. | Чыгармадагы автордун негизги идеясын түшүнөт,айтат,бүгүнкү күн менен салыштырат. |
| | **2. Адабий каарман** | 8.2.2.18.Чыгарманын проблематикасынын жана автордук позициянын башкы каармандардын образдары менен өз ара байланышына көз салат. | Автордун чыгармадагы көтөрүп чыккан көйгөйүн жана аны чечүүдө башкы каармандарынын ролу,байланышын анализдейт,талкуулайт,классташтарынын ой-пикирлерин угат,оюн айтат. |
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | | |
| | **4. Көркөм сөз** | | |
| **3.Адабий чыгармачылык** | **1. Автордук дүйнө** | 8.3.1.19.Тамсил, ыр, кат, күндөлүк сыяктуу жазуу иштерин аткара алат. | Окуган чыгармалары боюнча тамсил,ыр жаратат,каармандарга кат жазат. |
| | | 8.3.1.20.Чыгарманын аягын бүтүрө алат; | Автордун чыгармасын билет |
| | **2.Адабий каарман** | 8.3.2.21.Көркөм образдарды интерпретациялайт, өз позициясын аргументтейт; | Каармандарды атайт,алардын мүнөздөрүн,иш-аракеттерин чагылдырган эпизоддорду табат,айтып берет |
| | | 8.3.2.22.Сүйүктүү каарман жөнүндө аргументтештирилген эссе жаза алат; | Чыгармадан сүйүктүү каарманын тандайт, ага таасирленгендигин классташтарына өзгөчө сезимдери менен түшүндүрөт, талкуулайт,эссе жазат,окуп берет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | 8.3.3.23..Белгилүү тема боюнча монолог түзөт; | Окуган чыгармасынан (тандоосу боюнча) монолог жаттап,класста көркөм жаөтка айтат,өзү да каармандардын мүнөздөүн ачуу үчүн монолог даярдайт,айтат. |
| | **4. Көркөм кеп** | 8.3.4.24. Каармандардын сөзүн текстен таап, анализдейт; | Класстан жана өз алдынча окуган чыгармадагы каармандар тууралуу маек курууну демилгелейт,тексттен каармандардын тарбиялык жактан таасир берүүчү сөздөрүн таап,адабият дептерине жазат,анализ жасайт |
| | | 8.3.4.25.Түрдүү жанрдагы дил баян (эссе, эскерүү, ыр ж.б.) жазат. | Окуган чыгармасы,андагы каарман,окуя боюнча эссе-аңгеме,ыр |

**9-класс Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдуу тизмеси.**

Романтизм, реализм, драмалык чыгарма, автордун көркөм дүйнөсү, жазуучунун стили, маданий баалуулуктар.

**9-таблица**

| **Компетенттүүлүк** | **Мазмундук тилке** | **9- класс** | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү жыйынтык** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** | |

| **Компетенттүүлүк** | **Мазмундук тилке** | **8-класс** | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү жыйынтык** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1. Окурмандык** | **1. Автордук дүйнө** | 9.1.1.1.Түрдүү доорлордун акын-жазуучуларынын стилиндеги жана эстетикалык принциптериндеги жекечиликти жана жалпылыкты аныктай алат; | Жазуучу үчүн маанилүү болгон баалуулуктарды түшүндүрөт. |
| | | 9.1.1.2.Акын-жазуучулардын идеялык изденүүлөрүн салыштырат жана чыгармалардагы көйгөйлөрдү, аларды чечүүнүн жолдорундагы жана ыкмаларындагы жалпылыктар менен айырмачылыктарды салыштырат. | Окуган чыгармаларынын негизинде авторлордун чыгармаларын бири-бири менен тематикасы,идеясын ачып берүүдөгү изденүүлөрү,көйгөйдү чагылдыруу,аны чечүүнүн жолдорун боюнча айрымачылыктарын,окшоштуктарын айтат, талкуулайт. |
| | **2. Адабий каарман** | 9.1.2.3.Образ жаратуудагы негизги көркөм ыкмаларды аныктайт; | Автордун образдар дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүнө эмоционалдуу мамилесин |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | билдирет жана өз эмоцияларын түшүндүрөт. |
| | | 9.1.2.4.Көркөм образдарды түрлөрдүн спецификасын (эпос, драма, лирика) эске алуу менен жаратуу ыкмаларын салыштырат; | Эпос, драма, кара сөз, ыр түрүндөгү чыгармалардагы көркөм образдарды берүү ыкмаларын,анализдейт,талдайт (үзүндүлөрдү мисал келтирүү менен) |
| | | 9.1.2.5.Каармандардын кылык-жоруктарынын себептерин жана мотивдерин байкап, айрым эпизоддорду анализдейт; | Оң жана терс каармандарды айырмалайт, автордун каармандарга болгон мамилесин тексттен табат (автордун түз жана кыйыр баалоосу), каармандын мүнөзүн сүрөттөгөн цитаталарды тексттен бөлүп көрсөтөт, текстке таянып автордун каарманга болгон мамилеси жөнүндө жыйынтык чыгарат. |
| | | 9.1.2.6. Адабий образдар менен адабий типтердин окшоштуктарын жана айырмачылыктарын аныктайт; | Каармандын мүнөзүн сүрөттөгөн эпизод,цитаталарды тексттен бөлүп көрсөтөт,адабий типтер менен салыштырат,окшоштугун,айрымасын талдап айтып берет,<br>текстке таянып автордун каарманга болгон мамилеси жөнүндө жыйынтык чыгарат. |
| | | 9.1.2.7.Көркөм образ жаратууда жазуучунун стилинин өзгөчөлүктөрүн аңдап билет жана бөлүп көрсөтөт; | Автордун чыгармасын окуйт,талдап айтат,ал боюнча суроолорго жооп берет,тексттен суроолорго жооп издейт,жазуучунун чыгармасынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн эпизоддор менен далилдүү түшүндүрөт. |
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар** | 9.1.3.8.Сюжет жана фабула түшүнүктөрүн айырмалайт жана аларды чыгармада бөлүп көрсөтөт; | Адабияттагы сюжет,фабула түшүнүктөррүн түшүндүрөт,алардын айрымасын билет,өз-өзүнчө чыгармадан белгилеп табат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | 9.1.3.9.Ар түрдүү жанрдагы чыгармалардын (эпикалык, драмалык, лирикалык) сюжетинин элементтерин бөлүп көрсөтөт, салыштырат; | Тексттен композициянын элементтерин (пейзаж, портрет, интерьер, автордук мүнөздөмөлөр, диалогдор, монологдор) бөлүп көрсөтөт жана алардын чыгармадагы ролун ачып түшүндүрөт |
| | | 9.1.3.10.Сюжеттин өзгөчөлүктөрүн баалайт; | Чыгарманын сюжетин билет,андагы сюжеттик өзгөчөлүктөрдү(эпилог,пролог ж.б.) айтат,маанисин түшүндүрөт. |
| | | 9.1.3.11.Чыгармадагы конфликтти анализдейт, конфликт окуя аркылуу ачыла турганын көрсөтөт; | Окуянын жүрүшүндөгү конфликттерди анализдейт,күчтүү конфликттерди мисал келтирет,ал кагылышуулардын келип чыгуу себептерин,каармандардын мүнөзүн ачуудагы ролун түшүндүрөт,талдайт. |
| | | 9.1.3.12. Образдын композициясын түзүү жолун тексттен бөлүп көрсөтөт; | Окуган чыгармасынан автордун образдын композициясын түзүү эпизоддорду чагылдырган жерин бөлүп көрсөтөт,талдоо жүргүзөт |
| | | 9.1.3.13.Түрдүү жанрлардагы чыгармалардын композицияларын анализдейт; | Класста окуган ыр,повесть,драма ж.б. чыгармалардын композицияларын айтып берет,талдайт,башка окуучулардыкы менен салыштырат |
| | | 9.1.3.14. Көркөм окуу сынактарына катышат (монологдор, баяндоолор, ырлар); | Класстар арасында өткөрүлгөн конкурстарда,адабий кечелерде өзүнө жаккан чыгармасынан же өзү жазган ырынан көркөм жатка айтып берет,башка окуучулардын көркөм окуусуна баа берет |
| | **4. Көркөм кеп** | 9.1.4.15.Образдар системасында же образ түзүүдө көркөм ыкмалардын ордун аныктайт; | Образ жаратууда автордун сезимдеринин татаалдыгын, көркөмдүгүн, карама-каршылыктарын белгилейт,аргументтештирип айтат |
| | | 9.1.4.16. Жазуучунун стилинин көркөм өзгөчөлүгүн аныктайт; | Автордун чыгармасын окуйт,талдап айтат,ал боюнча суроолорго жооп берет,тексттен суроолорго жооп издейт,жазуучунун чыгармасынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн эпизоддор менен далилдүү түшүндүрөт. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **2. Эмоционалдык баалуулук** | **1. Автордук дүйнө** | 9.2.1.17.Чыгарманын адептик, социалдык-тарыхый жана ахлак-адептүү-философиялык проблематикасын алып чыга алат; | Класста,өз алдынча окуган чыгармаларындагы негизги теманы билет,идеясын түшүнөт,андагы адептик,социалдык-тарыхый,адеп-ахлактык философиялык көйгөйлөрүн анализдейт,класста талкуулайт. |
| | | 9.2.1.18.Чыгармага эстетикалык баа берет, аны аргументтейт. | Автордун башка чыгармаларын билет,окуган чыгармасынын эстетикалык көркөмдүк жактарын анализдейт,эпизоддордон мисал келтирүү менен түшүндүрөт. |
| | **2. Адабий каарман** | | |
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | | |
| | | | |
| | **4. Көркөм кеп** | | |
| **3.Адабий чыгармачылык** | **1. Автордук дүйнө** | | |
| | | 9.3.2.19.Образдарды интерпретациялайт, өз позициясын коргоого аргументтерди келтирет; | Чыгармадан алынган эпизодду анын искусствонун башка түрлөрүндөгү интерпретациялары менен салыштырат (иллюстрациялар, фильмдер, музыкалык чыгармалар) жана өз пикирин билдирет. |
| | **2.Адабий каарман** | 9.3.2.20.Образдарды, адабий типтерди салыштырып аргументтештирилген эссе жаза алат; | Сүйүктүү каарманы тууралуу ыр жаратат,образдарды,адабий типтерди салыштырып эссе,эссе-аңгеме жазат,класста окуп берет,классташтарынын пикирин угат. |
| | | 9.3.2.21.Көркөм образдардын мисалында белгилүү бир көйгөйдү чечүүнү көрсөткөн презентация жасайт; | Автордун өмүрү,чыгармачылыгы жөнүндө, анын каармандары боюнча презентация жасайт(жекече,группа менен) |
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар)** | 9.3.3.22.Чыгармачылык иштерди жазганда белгилүү бир стилге келтирүү элементтерин кошуп, адабияттагы жанрдык формаларды колдонот. | Окуган чыгармасы боюнча жазуучулук айрым ыкмаларды,стилдик өзгөчөлүктөрдү колдонуп,чыгармачыл иш жазат(ыр,сценка, |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | автордун образы боюнча ой жүгүртүү аңгемесин түзөт; | аңгеме,эссе,эссе –аңгеме,эссе-дил баян) |
| | | 9.3.3.23.Лирикалык чегинүүлөрдүн ролун интерпретациялайт; | |
| | | 9.3.3. 24.Түрдүү жанрдагы чыгармалар боюнча спектаклдерди жазат; | Окуган чыгармалары боюнча мугалими,классташтары менен биргеликте чакан эссе,сцена жазат,класста окуп берет , талкуулайт |
| | | 9.3.3. 25.Спектаклге же экрандаштырууга режиссёрдук комментарий жазат; | Мугалимдин жардамы менен чыгарма боюнча спектаклдин сценарийин жазат, роль, костюм тандайт,жасалгалайт,коюлган спектакль ,ролдор боюнча талкуулайт,классташтарынын пикирин угат. |
| | **4. Көркөм кеп** | 9.3.4. 26.Түрдүү жанрдагы дил баян (эссе, эскерүү, ыр ж.б.) жазат. | Чыгарма боюнча чыгармачыл иш даярдайт:презентация,эссе-аңгеме,ыр, аларды класста окуп берет,талкуулайт, мектеп гезитине жарыялайт(эссе-аңгеме,ырларын) |

**10-класс**

**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдык тизмеси**

Адабий процесс тууралуу түшүнүк, адабий багыттар (романтизм, реализм), чыгармалардын жанрлары тууралуу түшүнүк; жазуучунун жеке стилинин өзгөчөлүгү; көркөм ыкмалар, адабий сын, салттуулук жана жаңычылдык, жалпы маданий жана этно маданий баалуулуктар.

**10-таблица**

| **Компетенттүүлүк** | **Мазмундук тилке** | **10- класс** | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү жыйынтык** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1.Окурмандык** | **1.Автордук дүйнө** | **10.1.1.1.** Кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы чыгармаларды адабий багыттары боюнча салыштырат (тема, образдар, стиль) | **1**. Чыгармаларды салыштыруунун негизинде тиги же бул автор тарабынан жазылган чыгарманын өзгөчөлүгүн **бөлүп көрсөтөт**<br>**2.** Кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы акын, жазуучулардын стилиндеги жекелик жана жалпылыкты бөлүп көрсөтөт, түшүндүрөт<br>**3**. Маданий реалий/фактылардын чагылдырылышын **салыштырат**, жалпы жана маданий өзгөчөлүктү **бөлүп көрсөтөт** |
| | | **10.1.1.2.** Жазуучунун чыгармасы боюнча **талаш-тартышка катышат,** | 1. Адабий чыгарма тууралуу классташтарынын пикирин **угат**<br>2. Берилген маселе боюнча жеке пикирин **айтат** жана аны аргументтештирет |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | өзүнүн көз карашын жактоо үчүн аргументтерди келтирет | 3. Пикирди жана маалыматты тактоо үчүн **суроо берет**<br>4. Уккан нерсесине сылык түрдө өзүнүн **мамилесин билдирет**<br>5. Жеке ойлорун так жана көркөм **бере алат**. |
| | | **10.1.1.3.** Жеке жашоосундагы китеп окуунун **маанисин аныктайт** | **1.** Өз алдынча окуу үчүн көркөм чыгармаларды тандоосун **түшүндүрөт**<br>**2.** Окуган китеби тууралуу таасирлерин **бөлүшөт.**<br>**3.** Өз алдынча окуган китебин классташтарына **сунуштайт**<br>**4.** Окуган чыгармасын класста **презентациялайт** |
| | **2. Адабий каарман** | **10.1.1.4.** Адабий каармандын образын **талдайт** | 1. «Көркөм образ» жана адабий тип түшүнүктөрүн **түшүндүрөт**<br>2. Образдар системасындагы каармандын ордун **аныктайт** жана өзүнүн тандоосун аргументтештирет<br>3. Чыгармадагы адабий каармандын образын түзүү ыкмаларын **бөлүп көрсөтөт** (өзүн өзү ачуу, бири бирин ачуу, автордук баа), мисал келтирет, аларды чечмелейт<br>**4.** Лирикалык каармандын образынын өзгөчөлүгүн **ачып берет**, өзүнүн түшүнгөнүн тексттен мисал келтирүү менен ырастайт<br>**5.** Драмалык персонаждын образын түзүүнүн өзгөчө ыкмаларын тексттен **бөлүп көрсөтөт**, аларды чечмелейт **6.**Эпикалык, лирикалык жана драмалык чыгармалардагы көркөм образдарды **айырмалайт,** өзүнүн түшүнгөнүн тексттен мисал келтирүү аркылуу ырастайт<br>**7.** Көркөм образдардын так тарыхый жана жалпы адамзаттык маанисин **ачып берет**<br>8. Дүйнөлүк адабий процесстеги көркөм образдын жана адабий типтин өнүгүшүн **изилдейт** |
| | | **10.1.1.5.** Адабий образдын трактовкасын башка искусство чыгармаларында чагылдырылышы менен **салыштырат** (кино, живопись, графика, музыка, скульптура, театр) | 1. Киноискусство, театр, живопись, музыкадагы адабий каармандын образын жаратуу каражаттарына **түшүндүрмө берет**<br>2. Сүрөтчүлөрдүн, режиссерлордун көркөм образды интерпретациялоосу тууралуу өзүнүн пикирин айтат жана аны аргументттештирет<br>3. Ар кандай искусство чыгармаларындагы трактовкалардын тематикалык жана сюжеттик жакындыгын **аныктайт**<br>4. Сөз менен жаратылган образдарды музыкалык жана сүрөт өнөрүндөгү образдар менен **салыштырат** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | **5.** Образды ачуу үчүн темасы, жанры боюнча жакын живопись, музыкалык чыгармаларды **тандап алат** жана өзүнүн тандоосун түшүндүрөт |
| | | **10.1. 1.6.** Адабий каармандын образынын чыгармачылык презентациясын ар кандай формада **даярдайт.** | 1. Тезистерди, цитаталарды **пайдаланат**<br>**2.** Ар түрдүү графикалык уюштургучтарды (схема, концепция картасы, диаграмма, таблица) жана чыгармага жасалган иллюстрацияларды **пайдаланат.**<br>3. МКТнын жардамы менен презентация **көрсөтөт**<br>4. Адабий персонаждардын образдарына иллюстрацияларды **жасайт**<br>5. Театралдаштырылган көрсөтүүгө **катышат**<br>6. Каармандын монологун көркөм **окуйт**<br>7. Критерийлер боюнча **баалайт** |
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар** | **10.1.3.7.** Негизги эпизоддорду, ырды, көрүнүштү жанрды эске алуу менен талдайт | 1. Чыгарманын композициясын **бөлүп көрсөтөт** жана анын ролун чечмелейт<br>2. Жанрды эске алуу менен композициянын жана сюжеттин айрым бир элементтеринин ролун **ачып берет** (пейзаж, портрет, кыстырма новеллалар, лейтмотив ж.б..)<br>3. Жанрдын, адабий багыттардын өзгөчөлүгүн **аныктайт**<br>4.Драмалык чыгармалардын түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүн **ачып берет**<br>4. Ар кандай жанрдагы лирикалык чыгармалардын түзүлүшүнүн өзгөчөлүгүнө **чечмелөө жасайт** |
| | **4. Көркөм кеп** | **10.1.3.8**.Сөздүк корун адеп-ахлактык-философиялык, маданияттаануу боюнча лексика, адабий-теориялык түшүнүктөр менен **толуктайт** | 1. Тексттеги жаңы лексиканы бөлүп көрсөтөт жана сөздөрдүн, туюнтмалардын маанисин ачып берүү үчүн ар түрдүү ресурстарды **колдонот** (сөздүк, энциклопедиялар, интернет ж.б.)<br>2. Кыргыз жана башка маданиятка мүнөздүү сөздөрдү жана сөз айкаштарын тексттен **бөлүп көрсөтөт** жана аларга **чечмелөө жасайт**.<br>3. Чыгармага мүнөздөмө берүүдө адеп-ахлактык-философиялык, маданияттаануу боюнча лексиканы, адабий-теориялык түшүнүктөрдү колдонот |
| **2.Эмоционал-дык баалуулук** | **1.Автордук дүйнө** | **10.2.1.9**. Адабий процесстеги автордун ордун жана ролун **түшүнөт.** | **1.** Жазуучунун салттуулугун жана жаңычылдыгын **аныктайт**<br>2. Ар кайсы жазуучулардын чыгармачылык өзгөчөлүгүн **салыштырат** (чыгарма, стиль) |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 3. Башкы образ-символдорду **бөлүп көрсөтөт** жана аларга чечмелөө жасайт |
| | **2.Адабий каарман** | **10.2.2.10**. Каарманга карата жеке мамилесин **аныктайт** жана **баа берет** | 1. Каарман тууралуу алгачкы таасирин **айтып берет,** образга карата сезимдерин **билдирет**<br>2. Ички дүйнөгө кызыгуусун көрсөтөт жана анын адеп-ахлактык-эстетикалык баалуулуктарын **аныктайт**<br>3. Сюжеттеги каармандын ролуна, анын психологиялык абалына жана ага карата автордун мамилесине **баа берет**<br>4. Жеке эмоционалдык-образдык таасирлерин автордун концепциясы менен **салмакташтырып карайт** |
| | **3. Көркөм форма** | | |
| | **Көркөм кеп** | **10.2.4.11.** Образдуу сөздөр жана сөз айкаштар менен сөз байлыгын **байытат** | 1.Көркөм кептин улуттук-маданий элементтерине кызыгуусун **билдирет**<br>2. Ар кайсы маданияттагы жазуучулардын чыгармаларындагы көркөм кептин өзгөчөлүгүнө **чечмелөө жасайт**<br>3. Дил баян жазууда, оозеки чыгып сүйлөөдө образдуу сөздөрдү жана сүйлөмдөрдү **колдонот** |
| **3.Адабий чыгармачылык** | **1.Автордук дүйнө** | **10.3.1.12.** Адабий темада долбоорду иштеп чыгуу жана түзүүгө **катышат** | **1.** Ар кандай булактардан материал **53рге палат**<br>**2.** Адабий материалды башкалар менен **талкуулайт**<br>3. Искусствонун башка түрлөрүнө токтолуу менен чыгармага **мүнөздөмө берет**<br>**4.** Критерийлер боюнча башка топтун ишин **баалоого катышат**<br>**5.** Долбоордо эпизоддорду сахналаштырууну **колдонот**<br>**5.** Долбоорду презентациялоонун ар кандай формаларын **колдонот** (схемалар, иллюстрациялар, МКТ ж.б.) |
| | | **10.3.1.13.** Адабий темада дилбаян **жазат** (пикир, эссе, мүнөздөмө) | 1. Дил баяндын темасын өз алдынча **аныктайт**<br>**2.** Чыгарманы тандап алуусун **түшүндүрөт**<br>3. Чыгарманы окугандан алынган таасирди чагылдырат.<br>4. Жазуу иштеринин ар кандай түрлөрүн баалоонун эрежелерин жана критерийлерин колдонот<br>5. Дил баянда адабий-теориялык түшүнүктөрдү **колдонот** |
| | **2.Адабий каарман** | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **3. Көркөм форма** | **10.3.3.14.** Белгилүү бир жанрда жеке чыгармасын **жаратат** | 1. 2-3 чыгарманын мисалында жанрдын өзгөчөлүгүн **изилдейт**<br>2. Ар түрдүү жанрдагы көркөм чыгарма жаратуунун моделин **колдонот**<br>3. Критерийлер боюнча классташтарынын чыгармаларын **баалоо жана өзүн өзү баалоону жүргүзөт** |
| | **Көркөм кеп** | **10.3.4.15.** Ар түрдүү жанрдагы окулуп жаткан чыгармаларды (үзүндү, монолог, ар ж.б.) алардын жанрын жана тематикасын эске алуу менен **көркөм окуйт** | **1.** Окуу менен бирге темага, автордук идеяга, образдарга өзүнүн **мамилесин билдирет**<br>**2.** Чыгармачылык кечелерге, адабий иш чараларга **катышат**<br>3. Классташтарынын көркөм окуусун критерийлер боюнча **баалайт** |

**11-класс**

**Адабий чыгармаларды түшүнүү каражаттары: теориялык түшүнүктөрдүн минималдык тизмеси**

Адабий процесс тууралуу түшүнүк, адабий багыттар (романтизм, реализм, модернизм, постмодернизм), чыгармалардын жанрлары тууралуу терендетилген түшүнүк ; жазуучунун жеке стилинин өзгөчөлүгү; көркөм ыкмалар, адабий сын, салттуулук жана жаңычылдык, жалпы маданий жана этномаданий баалуулуктар.

**11-таблица**

| **Компетенттүүлүк** | **Мазмундук тилке** | **11- класс** | |
|---|---|---|---|
| | | **Күтүлүүчү жыйынтык** | **Сунушталуучу көрсөткүчтөр** |
| **1.Окурмандык** | **1. Автордук дүйнө** | **11. 1.1.1. А**вторго жана анын чыгармасына жалпы **мүнөздөмө берет** | **1.** Автордун, чыгарманын, чыгармачылыктын презентациясын **даярдайт**<br>**2. Анын** адабий текке, жанрга, агымга, адабий багытка тиешелүү экендигин **аныктайт**<br>**3.** Автордук концепцияны белгилеп жазат, аргументтештирет жана чыгарма жазылган мезгил менен **байланыштырат** |
| | | **11. 1.1.2.** Жеке окурмандык **чөйрөгө ээ** | 1. Өзүн өнүктүрүү үчүн окуунун максатын **аныктайт**<br>2. Китеп окууну эстетикалык, адеп-ахлактык, таанып билүү тажрыйбасынын булагы катары **кабыл алат**<br>3. Өзүнүн окурмандык ишмердигинин натыйжаларын **баалайт**<br>4. Сүйүктүү жазуучу, адабий каарман, жанрды тандоосуна **негиздеме берет**<br>5. Классташтарына окуу үчүн китеп **сунуштайт** жана аны талкуугa алат |
| | | **11.1.1.3.** Көркөм текстти ар кайсы доорлордун, маданияттардын жана | 1. Авторлордун салттуулугун жана жаңычылдыгын таба алат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | искусствонун башка түрлөрүнүн чыгармалары менен **салыштыруу көндүмүнө ээ** | |
| | **2. Адабий каарман** | **11.1.2.4.** Мүнөздөмөнү ачып берүү **каражаттарын билет** (жеке, салыштырмалуу, топтук) | 1. Каармандарга **мүнөздөмө берет** жана образдарды ачуу үчүн сынчылардын айткандарын **колдонот** |
| | **3. Көркөм форма (сюжет, композиция, жанрлар** | **11.1.3.5.** Форма жана мазмундун биримдиги аркылуу жанрды эске алуу менен чыгарманы **талдайт** (аңгеме, ыр, эпизоддор, үзүндүлөр, көрүнүштөр) | 1. Адабий текке жана жанрга, агымга, адабий багытка тиешелүү экендигин **аныктайт**<br>2. Адабий чыгарманын тема, идея, адеп-ахлактык пафосун **белгилеп жазат**<br>3.Сюжеттин элементтерин, композицияны, тилдин көркөм-сүрөттөө каражаттарын жана алардын чыгарманын көркөм идеялык мазмунун ачып берүүдөгү ролун **аныктайт**<br>4. Үзүндүсү берилген чыгармадагы окуялардын жүрүшүн жана аягын **таба алат**<br>5. Чыгарманын аталышын образдык жалпылоо иретинде чечмелейт, макул же макул эместигин **билдирет**<br>6. Талдоодо кайра айтып берүүнүн ар кандай түрлөрүн **колдонот** |
| | **4. Көркөм кеп** | **11.1.4.6.** Көркөм кептин өзгөчөлүгүн талдоо үчүн **жигердүү сөз коруна ээ** | 1. Оозеки жооп берүүдө жана ар кандай жанрда дил баян жазууда поэтикалык кептин **байлыгын колдонот**<br>2. Кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы чыгармалардын поэтикалык кебинин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн **айырмалай алат**<br>3. Дил баян-стилдештирүү жаратат жана критерийлер боюнча **талкууга алат**<br>4. Чыгармага мүнөздөмө берүү үчүн адеп-ахлактык-философиялык, эстетикалык, маданияттаануучулук лексиканы, адабий-теориялык түшүнүктөрдү **колдонот** |
| **2.Эмоционал -дык баалуулук** | **1.Автордук дүйнө** | **11.2.1.7.** Адабияттын, окуунун коомдун, адамдын турмушундагы маанисин **түшүнөт** жана жеке позициясын жактай алат | 1. Кийинки билим алуу, рухий жактан өзүн өзү өнүктүрүү үчүн китеп окуунун максатын жана маанисин **түшүндүрө алат**<br>2. Китеп окууну эстетикалык, адеп-ахлактык, таанып билүү тажрыйбасынын булагы катары **кабыл алат**<br>3. Адабияттын коомдун турмушундагы жана адамдын рухий жашоосундагы ролун **түшүндүрөт**<br>4. Сүйүктүү жазуучу, адабий каарман, жанрды тандоосуна **негиздеме берет** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 5. Азыркы коомдогу адабияттын ролун **аныктайт** жана искусство чыгармаларын мезгилдин чакырыктары менен тең салмактай алат<br>6.Заманбап технологиялык мүмкүнчүлүктөргө жана алардын музыкалык искусствого тийгизген таасирине **мүнөздөмө берет**<br>7. Азыркы мезгилде адабиятты жайылтуунун/берүүнүн каражаттарын **изилдейт** (интернет, кино, музыка, клиптер, теле көрсөтүү, видео ж.б.)<br>8. Актуалдуу темаларда талаш-тартышты **демилгелейт.** |
| | **2.Адабий каарман** | **11.2.2.8.** Адабий каармандардагы инсандык маңыз жана жаңы баалуулуктарды **таба алат** | 1. Каармандарга **мүнөздөмө берет** жана образдарды ачуу үчүн сынчылардын айткандарын **колдонот** |
| | **3. Көркөм форма** | | 1. Адабий текке жана жанрга, агымга, адабий багытка тиешелүү экендигин **аныктайт**<br>2. Адабий чыгарманын тема, идея, адеп-ахлактык пафосун **белгилеп жазат**<br>3.Сюжеттин элементтерин, композицияны, тилдин көркөм-сүрөттөө каражаттарын жана алардын чыгарманын көркөм идеялык мазмунун ачып берүүдөгү ролун **аныктайт**<br>4. Үзүндүсү берилген чыгармадагы окуялардын жүрүшүн жана аягын **таба алат**<br>5. Чыгарманын аталышын образдык жалпылоо иретинде чечмелейт, макул же макул эместигин **билдирет**<br>6. Талдоодо кайра айтып берүүнүн ар кандай түрлөрүн **колдонот** |
| | **Көркөм кеп** | **11.2.4.9.** Кебин образдуу сөздөр, сүйлөмдөр аркылуу **байытат** | 5. Оозеки жооп берүүдө жана ар кандай жанрда дил баян жазууда поэтикалык кептин **байлыгын колдонот**<br>6. Кыргыз жана дүйнөлүк адабияттагы чыгармалардын поэтикалык кебинин улуттук-маданий өзгөчөлүгүн **айырмалай алат**<br>7. Дил баян-стилдештирүү жаратат жана критерийлер боюнча **талкууга алат**<br>8. Чыгармага мүнөздөмө берүү үчүн адеп-ахлактык-философиялык, эстетикалык, маданияттаануучулук лексиканы, адабий-теориялык түшүнүктөрдү **колдонот** |
| | | | |
| **3.Адабий чыгармачылык** | **1.Автордук дүйнө** | **11.3.1.10.** Адабий темада билдирүү, пикир, реферат, обзор ж.б. жазуу **көндүмдөрүнө ээ** | **1.** Материалдарды ар түрдүү булактардан **тандап алат**<br>2. Тандап алынган материалдарды башкалар менен **талкуулайт**<br>3. Билдирүүнүн ар кандай түрлөрүн түзүү моделдерин **билет** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | 4. Адабий-теориялык түшүнүктөрдү **колдонот** |
| | | **11.3.1.11.** Адабий темада долбоор иштеп чыгууга жана жаратууга **катышат** (искусствонун башка түрлөрүн катыштыруу менен) | **1.** Материалдарды ар түрдүү булактардан **тандап алат**<br>2. Тандап алынган материалдарды башкалар менен **талкуулайт**<br>3. Иштин өзүнө тиешелүү бөлүгүнүн, аны презентациялоонун **жоопкерчилигин алат**<br>4. Теманы ачып берүү үчүн искуствонун башка түрлөрүндөгү чыгармаларды **катыштырат**<br>**5.** Долбоорду презентациялоонун ар түрдүү формаларын **колдонот** (схемалар, иллюстрациялар, МКТ ж.б.)<br>6. Долбоорду презентациялоого жана критерийлер боюнча баалоого **катышат** |
| | | **11.3.1.12.** Ар кандай жанрда дил баян **жазат** | 1. Дил баяндын темасын өз алдынча **аныктайт**<br>**2.** Чыгарманы тандоону **түшүндүрөт**<br>3. Чыгарманы окуудан алган **таасирди чагылдырат**<br>4. Жазуу иштеринин ар кандай түрлөрүн баалоонун эрежесин жана критерийлерин **колдонот**<br>5. Дилбаянда адабий-теориялык түшүнүктөрдү **колдонот** |
| | **2.Адабий каарман** | | |
| | **3. Көркөм форма** | | |
| | **Көркөм кеп** | **11.3.4.13.** Тематика жана жанрын эске алуу менен адабий чыгарманы жатка **көркөм окуйт** | **1.** Ырды окуп жатканда интонация, темп жана ыргакты **өзгөртөт**<br>**2.** Логикалык басым жана паузаны **сактайт**<br>**3.** Көркөм окууда каармандын жана автордун сезимдеринин динамикасын **бере алат**<br>**4.** Тема, автордук идея, образдарга өзүнүн мамилесин **билдирет**<br>**5.** Окурмандар конкурсуна **катышат**<br>**6**. Ырды, тексттен үзүндүнү көркөм окууда автордун идеясын **бере алат**.<br>**7.** Чыгармалардын адабий-музыкалык композициясын, сахналаштырууну даярдоого **катышат**<br>**8.** Классташтарынын көркөм окуусун критерийлер боюнча **баалайт** |

## 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери

Баалоо окуучулардын окуу жетишкендиктеринин предметтик стандарттын мазмунуна дал келишин аныктоо максатында жүргүзүлөт. Инсанга багытталган окутуунун практикасында окуучулардын окуу жетишкендиктерин текшерүүнүн төмөнкү стратегиялары көбүрөөк жайылтылган:

1) окуучунун баштапкы жана аякталыштагы жыйынтыктарынын дал келиши, б.а. окуучунун жеке өсүшүнүн динамикасы;

2) окуучу жасаган иштин критерийлер менен дал келиши.

Окутуу учурунда төмөнкүлөр бааланат:

- сабак учурундагы окуучулардын иши;
- окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы;

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо тапшырмалардын түрдүү тапшырмалары колдонулат.

Тапшырмаларды топторго бөлүштүрүү төмөндөгүлөрдү эске алуу менен өткөрүлөт:

- берилген тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги татаалдыгын;
- окуучулардын тапшырмаларды чечүүнүн ар түрдүү деңгээлдеги өз алдынчалыгын.

**1-топтогу тапшырмалар** – текст боюнча жалпы багыт алуу, ачык берилген маалыматты колдонуу: ачык берилген маалыматты издөө жана табуу, ошондой эле тексттеги фактылардын негизинде түз жыйынтыктар менен корутундуларды формулировкалоо (тексттеги маалыматтын негизги темасын жана идеясын түшүнүү, тексттеги айтылгандар боюнча жалпы түшүнүк).

**2-топтогу тапшырмалар** – текстти терең түшүнүү, маалыматты интерпретациялоо жана өзгөртүп түзүү, анализдөө, текстте ачык эмес берилген маалыматты жалпылоо жана интерпретациялоо, текстте түз айтылбаган байланыштарды орнотуу, бир топ татаал жыйынтыктарды жана баалоочу ойлорду айтуу.

**3-топтогу тапшырмалар** – маалыматты окуу-практикалык тапшырмаларда колдонуу жана өз текстерин түзүү, карама-каршы жана талаш маалыматты табуу, алынган маалымдоо боюнча баалоочу пикирин жана өз көз карашын айтуу.

Иштердин саны жана баалардын оордугу боюнча бөлүштүрүү класстан-класска компетенттүүлүгүнүн өсүү динамикасын эске алуу менен ишке ашырылат. Класстарга бөлүштүрүүгө ылайык баалоо үчүн жалпы багыт болуп төмөнкүлөр эсептелет:

- жумуштун көлөмү
- кабыл алуу менен түшүнүүнүн терендиги
- өз алдынчалыктын деңгээли (демилгелөө, тандоо, интерпретациялоо)
- чыгармачылык ыкма
- айтканын аргументтештирүүсү, текстке таяныч

Окуучулардын ишмердүүлүгүнүн натыйжасын баалоо критерийлери ар бир тапшырмага жана иштин түрлөрүнө карата түзүлөт.

### Предметти өздөштүрүүнүн деңгээли

Предметти өздөштүрүүнүн денгээлдерин бөлүштүрүү үчүн негиз адабий чыгарманы кабыл алуу сапатына багытталган. Окуучулардын адабий чыгарманы кабыл алуусунун сапаты окурмандын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын анализдөөнүн негизинде түзүлөт (тапшырмалардын жыйнагын жана түрлөрүн караңыз).

Кабыл алуунун сапаты деп окурмандын каармандар жана чыгарманын автору менен кошо башынан кечирүү, эмоциялардын динамикасын көрүү, жазуучу жараткан турмуш картинасын элестетүүнү кайра түзүү, каармандардын кылган жоруктарынын түп натыйжасы, мотивдери тууралуу ой жүгүртүү, чыгарманын каармандарын баалоо, автордун позициясын аныктоо, чыгарманын идеясын өздөштүрүү, б.а. автор койгон көйгөйдү өз жан дүйнөсүнөн баалап, сындоо жөндөмдүүлүгүн түшүнөбүз. Чыгарманы толук түрдө кабыл алуу окуучунун адабий өнүгүүсүнүн жогорку деңгээли жөнүндө кабарлайт.

Окуучунун окурмандык сезимдеринин активдүүлүгүн, кайра жаратуучу жана чыгармачыл элестетүүсүн, көз алдыга элестетүүсүнүн конкреттүүлүгүн

жана көркөм жалпылоого сиңүү денгээлин, окуунун, окурмандык баасынын жана ориентир алуусунун үстөмдүк кылуучу мотиивдерин эске алып, окуучунун кабыл алуусунун үч деңгээлин бөлүп көрсөтүүгө болот:

- сюжеттүү окуялуу (төмөн) деңгээл;
- образдуу-аналитикалык (орто) деңгээл;
- идеялык-эстетикалык (жогорку) деңгээл.

Адабият боюнча чыгармачыл иштерди аткарууда сабаттуулугу бааланбайт, бир гана баа коюлушу керек. Себеби, окуучу чыгармачыл ишти аткарууда чыгармачыл продукт түзүү деген бир гана татаал тапшырманы чечип жаткан болот. Дил баянда ошол чыгармачыл тапшырманын аткарылыш натыйжасын баалоо керек. Теориялык билимдер баа менен бааланбайт. Адабий-теориялык түшүнүктөрдүн эрежелерин так айтып берүү талап кылынбайт. Бул стандартта адабий-теориялык түшүнүктөр көркөм чыгарманы кабыл алуунун куралы катары каралат, алар класстын практикалык ишинде “жашаш” керек; аларды практикалык иштин керектүү каражаты катары колдонуу сунушталат.

Окуучуларды баалоодо окуучуларга да, ата-энелерге да, педагогдорго да түшүнүктүү пландаштырылган күтүлүүчү натыйжалардын жетишүүсүнүн так критерийлерин иштеп чыгуу зарыл.

**Критерийлүү** баалоо –так аныкталынган, жалпы жааматта иштелип чыккан, алдын-ала бардыгына белгилүү болгон, билим берүүнүн мазмуну менен максаттарына дал келген, окуучулардын белгилүү компетенттүүлүгүн калыптандырууга мүмкүнчүлүк түзгөн критерийлер менен окуучулардын окуу жетишкендиктерин салыштырууга негизделген процесс. Критериалдык баа бул контекстте жаза же таасир кылуу катары каралбайт, маалымат каражаты гана болот.

Мисалы, “... жатка көркөм окуйт” деген күтүлүүчү натыйжа окуучунун төмөнкү критерийлерге жетишкени аныкталганда талашсыз болот:

1) Ырды мыкты билет жана жатка окуйт
2) Сөздөрдү жана сөз айкаштарды туура айтат
3) Ырды окуганда интонацияны, темпти жана ритмди өзгөртөт
4) Лирикалык каармандын сезип кубануусун же кайгысын, сезимдерин жеткирет
5) Темага, автордук идеяга, образдарга өз мамилесин билдирет

Мектеп окуучуларынын баалоо процессине катышуусу бардык жеткиликтүү формаларда өтө эле каалаган жагдай болот:

1) баалоонун критерийлерин иштеп чыгууга катышуусу;
2) өз ара баалоосу;
3) аткарылган окуу аракеттеринин жыйынтыктарын рефлексивдүү талдоосу жана өзүн- өзү баалоосу;

**Күтүлүүчү натыйжанын жетишүү деңгээлдери (вариант)**

**12-таблица.**

| Күтүлүүчү натыйжа | Жогорку деңгээл | Орто | Төмөн |
|---|---|---|---|
| 5.1.2.7. ырды жатка көркөм окуйт, жомоктордон, аңгемелерден үзүндүлөрдү көркөм окуйт, каарманга өз мамилесин билдирет | 1. Ырды мыкты билет жана жатка окуйт<br>2. Сөздөрдү жана сөз айкаштарды туура айтат<br>3. Ырды окуганда интонацияны, темпти жана ритмди өзгөртөт<br>4. Лирикалык каармандын сезип кубануусун же кайгысын, сезимдерин жеткирет<br>5. Темага, автордук идеяга, образдарга өз мамилесин билдирет. | 1. Ырды мыкты билет жана жатка окуйт.<br>2. Сөздөрдү жана сөз айкаштарды туура айтат.<br>3. Айрым учурда интонацияны, темпти жана ритмди өзгөртөт.<br>4. Лирикалык каармандын сезип кубануусун же кайгысын, сезимдерин жарым-жартылай жеткирет. | 1. Ырды мугалимдин жардамы менен жатка окуйт.<br>2. Айрым сөздөрдү жана сөз айкаштарды туура айтат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5.3.1.8. Чыгарманы жаратуудагы көркөм ыкмалардын ролун **түшүндүрөт.** | 1. Текстте эпитеттерди, салыштырууларды, элестетүүлөрдү **бөлүп көрсөтөт**.<br>2. Чыгармадагы образдуу сөздөрдүн жана сөз айкаштардын маанисин **түшүндүрөт**.<br>**3.** Автор түзгөн картиналарды оозеки сөз менен **сүрөттөйт.**<br>4. Эмоционалдуу-баалоочу лексиканын жардамы менен көркөм сөз кооздугун **белгилейт.** | 1. Текстте эпитеттерди, салыштырууларды, элестетүүлөрдү **бөлүп көрсөтөт**.<br>2. Чыгармадагы образдуу сөздөрдүн жана сөз айкаштардын маанисин **түшүндүрөт** (мугалимдин жардамы менен)<br>**3.** Автор түзгөн картиналарды оозеки сөз менен мугалимдин жардамы менен **сүрөттөйт** (суроолор арылуу).<br>**4.** Эмоционалдуу-баалоочу лексиканын жардамы менен көркөм сөз кооздугун **белгилейт** (мугалимдин жардамы менен) | 1.Текстте бириндеген өтмө мааниде айтылган сүйлөмдөрдү же жөнөкөй сөздөрдү бөлүп көрсөтөт.<br>2. Өтмө мааниде айтылган сүйлөмдөрдүн же жөнөкөй сөздөрдүн түз маанисин түшүндүрөт.<br>3. Ырды айтып берет.<br>4. Эмоционалдуу-баалоочу лексиканын жардамы менен көркөм сөз кооздугун **белгилейт** (мугалимдин жардамы менен), анда түз баалоону колдонот (жагат - жакпайт, кооз). |

## 4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИНЕ КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

### 4.1. ОКУТУУ МЕТОДИКАСЫНА КОЮЛГАН НЕГИЗГИ ТАЛАПТАР

Билим берүү процессинде башкы орун окутуу методдоруна таандык, метод канчалык майнаптуу болсо, балага мугалим тарабынан берилип жаткан билим ошончолук жугумдуу жана натыйжалуу болору бышык.

Метод – бул ишмердүүлүк, бул чыгармачылык. Ошол чыгармачылык аркылуу бул же тигил методго ар бир доордо, ар бир мугалим тарабынан жаңы нерселер кошулуп турат. Метод «коюлган максатка ылайык келүүчү натыйжага жетишүүнү камсыз кылуучу адамдын аң-сезимдүү, белгилүү ырааттыкта аткарган иш-аракеттеринин системасы» болуп, ал: а) максаттын коюлушун; б) адамдын ишмердүүлүгүн (аракеттеринин системасын); в) зарыл болгон (интеллектуалдык, практикалык, предметтик) каражаттарды; г) обьектинин өзгөрүү процессин (обьектин максатка багытталган кыймылынын механимзми); д) максатка жетүүнү камтыйт». Педагогиканын тарыхында окутуудагы методдорду классификациялоо тууралуу эмгектер өтө көп, ошолордун бири азыркы дидактикада алардын сабакта колдонулушун жалпылап, үч топко – пассивдүү, активдүү, интерактивдүү топторго бөлүштүрүп карайт.

Окуу жана кабыл алуу ыктарын этап-этабы менен ырааттуу калыптандыруу зарыл экени жөнүндө жалпы түшүнүк чыгарманы түшүнүүнүн негизин түзөт: комментарийлөө, анализдөө жана көркөм текстти интерпретациялоо; көркөм текстке салынган маанини түшүнүүгө мүмкүн болгон алгоритмине ээ болуу, окуганы боюнча өзүнүн баалоосун жана ой жүгүртүүсүн чагылдырган өз текстин дискуссияларда, эсселерде, долбоорлордо түзүү.

Ушуга байланыштуу компеттенттүүлүктөрдү калыптандыруунун үстүнөн иштөө процессинде кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын көркөм чыгармаларын окуп түшүнүү боюнча окутуунун инсанга багытталган технологияларына таяныч менен иштөөнүн төрт аспектисин бөлүп көрсөтөбүз:

- текстте багыт алуу жана аны биринчи кабыл алуусун уюштуруу;
- текстти кайра окуп чыгуу жана анализ жасоо;
- чыгарманы экинчи жолу кабыл алуу – интерпретациялоо;
- баалоо.

Адабият сабактарында белгиленген компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну камсыздаган өнүмдүү (натыйжалуу) окуу технологиясы жетектөөчү технология болуп эсептелет**.**

Технология текст менен иштөөнүн үч этабын киргизет, бул этаптар окурмандык ишмердүүлүктүн структурасынын өзгөчөлүгүнө негизделген.

**I этап. Текстти окууга чейинки иш.**

**Актуалдаштыруу. Божомол жүргүзүү** (алдын ала кубануу, окула турган текстти божомолдоо). Биринчи кабыл алууну уюштуруу. Тексттин маанилик, тематикалык, эмоционалдык багытын аныктоо, чыгарманын аталышына, автордун атына, орчундуу сөздөргө карап, тексттен мурунку келген иллюстрация менен таанышып, окурмандык тажрыйбага таянып, окула элек чыгарманын каармандарын бөлүп көрсөтүү.

Сабактын максаттарын коюуда окуучунун ишке жалпы даярдыгын (окутуучу, кызыктыруучу, эмоционалдык, психологиялык) эске алуу.

**II этап. Окуу. Текстти окуу учурундагы иш. Окуу процесси.**

Текстти алгачкы окуу. Мазмуну боюнча жалпысынан маектешүү. Алгачкы кабыл алууну аныктоо, алгачкы таасирленүүнү белгилөө. Текстти кайрадан окуп чыгуу. Шашпай “ойлонуп” кайталап окуу.

Текстти анализдөө.Текстти кабыл алуу менен аны анализдөөнүн арасындагы ажырымды жеңүү.

**III этап. Текстти окугандан кийинки иш. Кайрадан окуу. Кийинки окуу.**

**Интерпретациялоо. Текст боюнча маек.**Тексттин негизги идеясын жана анын башкы маанилеринин кошулушун аныктоо. Ойлонуу, өздөштүргөндөрүн текшерүү, окуганы боюнча сүйлөшүү.

Чыгарманы баалоо. Окуганын практикалык ишмердүүлүктө колдонуу. Окуучулардын адабий чыгармачылыгы.

Сабак стандартты ишке ашыруунун, предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун жана окутуунун натыйжаларына жетишүүнүн негизи болуп саналат. Жаңы муундагы стандарттын моделин ишке ашыруу адабият сабактарында окутуунун максаттарын жана ыктарын өзгөртүүнү, колдонулуп жаткан методикаларды жана технологияларды өзгөртүүнү талап кылат.

Көркөм чыгарманын мазмунун түшүнүү үчүн окурман мазмунду өз башынан өткөрүп чыгуу керек. Бул нерсе адабияттын окурманга тийгизген эстетикалык таасиринин улам болушу мүмкүн. Чыгарманы анализдеп баштоодон же анын маанисин түшүндүрүп баштоодон мурун, мектеп окуучусуна бул же тигил жол менен (кээде жакшылап окуу жетиштүү) бул чыгарманын кооздугун сезүүгө, эмоцияларды башынан өткөрүп сезүүгө жана сезгендерин сөз менен айтып берүүгө, так атап берүүгө жардам берүү керек.

Бул планда окуучулар көбүнчө эмоцияларынын аталыштарын атоодо, айтып берүүдө кыйынчылыктарга туш келишет.

**Адамдын негизги эмоциялары менен сезимдеринин тизмеси**

| **оң** | **терс** | **калыс** |
|---|---|---|
| 1. рахат<br>2. кубаныч<br>3. сүйүнүч<br>4. сыймыктануу<br>5. ишеним<br>6. умүт<br>7. сукданыч<br>8. сүйүү<br>9. сыйлоо<br>10. менсингендик<br>11. жыргал | 12. кусалык<br>13. кайгы-капа<br>14. үмүт үзүү<br>15. капалантуу<br>16. айгай салуу<br>17. таарыныч<br>18. коркуу<br>19. аёо<br>20. тилектештик (боорукердик).<br>21. (кайгыруу) өкүнүү<br>22. ачуулук<br>23. кыжырлануу (каардануу).<br>24. какшык<br>25. үрөйү учуу<br>26. ишенбегендик (күмөндөө)<br>27. жек көрүү<br>28. жийиркенүү<br>29. иренжүү<br>30. өкүнүү | 31. сөз аңдуу, кызыгуучулук.<br>32. таң калуу<br>33. көңүл коштук<br>34. ээн-эркин-жайбаракат байкоо |

( Адамдын негизги эмоциялары менен сезимдеринин тизмесин караңыз
// жеткиликтүү: http://elatriym.com/upravlenie-emocijami/vidy-emocij-cheloveka)

Окуучулардан автордук позицияны маани берип түшүнүү, фактыларды кайра калыбына келтирип чыгуу эле эмес, көркөм идеяны өздөштүрүү талап кылынат. Чыгармадагы жашоодогудай кырдаал анализге алынат, анан ал кырдаал кантип сүрөттөлгөнү, бул кырдаалды жазуучу кандай баалагандыгы, б.а. чыгарманын көркөм сүрөт каражаттары да анализге алынат. Көркөм чыгарманы окуу эстетикалык ишмердүүлүктү талап кылат: эмоциялардын, элестетүүнүн, ой жүгүртүүнүн өз ара байланыштуу иштеши.

## 4.2. Ресурстук камсыздоонун минималдуу талаптары

Стандарттарды ишке ашырууну максаттуу камсыздоого арналган адабий чыгармаларды тандоо критерийлерин иштеп чыгуунун негизинде программаларды түзүү:

- окуучулардын адабий чыгармаларды эстетикалык кабыл алуусун уюштурууга көңүл бурган жаңы типтеги окуу китептерин иштеп чыгуу.
- хрестоматияларды иштеп чыгуу.
- «кыргыз адабияты» предметинин негизги максатын эске алуу менен жумушчу дептер түзүү.
- мектеп китепканасындагы кыргыз жана дүйнөлүк адабияттардын көркөм чыгармаларынын тексттери
- электрондук окуу материалдары жаңычыл ресурс катары:
- тексттик материалдар санариптик жана мультимедиялык форматта (көркөм, адабий сын, биографиялык жана маалыматтык),
- аудиотексттер,
- көркөм жана окутуучу видеофильмдер,
- санариптик иллюстрациялар, картиналардын жана фотосүрөттөрдүн репродукциялары
- видеоэкскурсиялар.

## 4.3. Мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү

Кызыктыруучу билим берүүчүлүк чөйрөнү адабият сабагында инсанга багытталган технологияларды колдонуу менен түзүү мүмкүн. “Кыргыз жаана дүйнөлүк адабият” предмети өзү изилдөөгө кызыктырууну жаратууга жакын: чыгармада чагылдырылган улуттук маданий өзгөчөлүктөрдү, салттарды, аларды жаратуу жөндөмдөрү менен мүнөздөрдү салыштыруу; “үндөштүктөрдү”, окшоштуктарды, жанрдын өзгөчөлүгүн, кыргыз жана дүйнөлүк адабияттын акын-жазуучуларынын стилдеринин өзгөчөлүктөрүн салыштыруу. Чыгармалардын ортосунда дагы, бир чыгарма ичинде дагы эстетикалык маалыматтын интеграцияланышы үчүн чоң мүмкүнчүлүктөр ачылат. Дискуссиялар, долбоорлор, көркөм окуу, иллюстрациялоо, оозеки сөз аркылуу сүрөттөө, окшош темадагы музыкалык чыгармаларды угуу жана көркөм сүрөт чыгармаларын карап чыгуу ж.б. – бардык ушул методдор жана ыкмалар окуучуларга көркөм чыгарманы өз алдынча түшүнүүгө, аны эстетикалык кабыл алууга түрткү берет.

Жаңы муундагы стандарттардын моделин ишке ашыруу адабият сабагынын максаттары менен окутуунун мамилелерин өзгөртүүнү талап кылат.

Коопсуз мектеп чөйрөсү - бул окуучулардын муктаждыктарына багытталган жана коопсуздуктун толуктугун жана ар кандай тобокелдиктерди минималдаштырууну камсыз кылган чөйрө. Мектептин коопсуз чөйрөсү бир нече аспектилерди камтыйт:

**Психологиялык жана маалыматтык коопсуздук** окуучулардын акыл-эс бейпилдигин, позитивдүү көз карашын жана бири-бирине мамилесин, анын кадыр-баркына коркунуч келтирүүдөн корголушун болжолдойт. Дискриминацияланбаган, зомбулуксуз жана толеранттуу чөйрө. ) Окуучу балдардын, окуучу кыздардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын бирдей укуктук статусун камсыз кылуучу адабий билим берүүнү демократиялык негизде жүзөгө ашырууну камсыз кылат.

Баланын адамдык кадыр-баркын урматтоо, расасына, социалдык тегине, динине, жынысына же туулган жерине карабастан бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүү, өз алдынчалуулукка жана сабакта активдүү издөөгө үндөө, формативдик баалоону жана позитивдүү жана колдоочу пикирлерди колдонуу аркылуу калыптанат. объективдүү баалоо. Мектеп документтерин башкаруунун автоматташтырылган тутумун жүргүзүүдө купуялуулук эрежелерин сактоо билим берүү процессинин катышуучулары жөнүндө маалыматтарды сактоонун коопсуздугун камсыз кылат. Санариптик технологияларды, санариптик сервистерди жоопкерчиликтүү натыйжалуу пайдалануу жана санариптик контентти түзүүгө катышуу ченемдерин сактоо виртуалдык чөйрөдө өз ара аракеттенүүнүн мүмкүн болгон тобокелдиктерин азайтат.

**Экологиялык коопсуздук** таза аба, суу, туура тамактануу, Жарыктын жогорку сапаты, туура температура, желдетүү, энергияны үнөмдөө, багбанчылык ж. б.

**Физикалык коопсуздук** имараттын коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камтыйт, анын ичинде өзгөчө кырдаалдарда, аны колдонуу процессинде окуу жабдуулары ж.б. мектептин кабинетиндеги бардык элементтер санитардык-эпидемиологиялык эрежелерге жана эрежелерге, электр жана өрт коопсуздугунун эрежелерине ылайык келиши керек.

**Адабияттар**


1. Алымов Б., Кыргыз совет адабиятын окутуу методикасы. II китеп / Ф.: «Мектеп», 1991. – 310 б. 57.
2. Алымов Б., Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери Б.Алымов. – Ф.: «Мектеп», 1976. – 286 б.
3. Бекбоев И.Б., Инсанга багыттап окутуу технологиясынын териялык жана практикалык маселелери.– Б.: Педагогика века, 2004. – 384б.
4. Бахтин М. М. Эстетика словесного творчества. – М., 1986.
5. Библер В. С. М. М. Бахтин, или Поэтика культуры. – М.: Прогресс, 1991. – 176 с.
6. Задорожная Н.П., Низовская И.А. Оценка в классе в русле критического мышления// Мектеп-Школа. – №2. – 2002.
7. Выготский Л.С. Воображение и творчество в детском возрасте. – М., 1991.
8. Иманалиев К., Орто мектепте кыргыз адабияты боюнча проблемалык окууну уюштуруу иши. – Ф.: Мектеп, 1981
9. Кудина Г., Новлянская З. Литература как предмет эстетического цикла // http://www.distedu.ru/mirror/_nach/archive.1september.ru/nsc/2004/02/4.htm
10. Кузнецова Е.А. Содержательные линии курса как средство реализации внутрипредметных связей в учебнике//Муниципальное образование: инновации и эксперимент. – №3. – 2010. – С. 58-60.
11. Кыргыз адабияты маалыматтама. Методикалык колдонмо/Түз. А.Ж.Муратов, Ж.Шериев, К.Исаков.-Б., 2014
12. Маранцман В.Г. Анализ литературного произведения и читательское восприятие школьников. – Л.: Просвещение, 1974.
13. Молдавская Н.Д. Литературное развитие школьников в процессе обучения. – М.:Просвещение,1976.
14. Муратов А.Ж. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана практикасы –Б.: «Турар», 2012.
15. Билим булагы. Окуу материалдарынын мультимедиялык комплекси //https://bb.edu.gov.kg/
16. Перечень основных эмоций и чувств человека // Доступно: http://elatriym.com/upravlenie-emocijami/vidy-emocij-cheloveka